**Ризван Исмаилова**

# Кучагын ачпаган олко...



Кр.

Сыр
И87

Ризван Исмаилова

# КУЧАГЫН АЧПАГАН ӨЛКӨ...

*Жол очерктери*

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 484636

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ БОРБОРУ

«Турар»
Бишкек 2019

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
И 87

*Китептин жарык көрүшүнө кең пейилдик менен демөөрчүлүк кылышкан «ЖБИ-4» АКнун башкы директору **Ааматов Абдыкерим Мавлянович** менен «Ошжылуулуккамсыздоо» муниципиалдык ишканасынын башкы директору **Кадырбердиев Беделбай Жалаловичке** терең ыраазычылык билдерем!*

*Автор*

**Исмаилова Ризван.**
И 87 **Кучагын ачпаган өлкө...:** *Жол очерктери.* – Б.: Турар, 2019. – 100 б. + 16 б. вкл. түстүү.

ISBN 978-9967-15-880-1

Автор жол очерктеринде Германиянын белгилүү шаарларында саякатта болуп, өзүнүн көргөн-билгендерин саймедиреп, немецтердин адеп-ахлакка, адамдарды, жаратылышты, жан-жаныбарларды сүйүүгө, аларга аяр мамиле жасаган жогорку сапаттарына таң калуу менен баяндайт.

И 4702300100-19
УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-880-1
© Исмаилова Р., 2019

## АЛГЫ СӨЗ АЙТАРДА ОЙ КАЛЧАЙМ...

*Бул жолу китептин аталышын кантип атасам экен деген ой көпкө түйшөлттү... Германияга төртүнчү жолу барганым менен мен билген Германия менен мен билбеген Германиянын аралыгы асман менен жердей экенине ынаным күч. Убакыт көз ирмемдей кыска, тез өтүп турган чакта маалымат технологиясынын araаны ачылып, каякка барбаңыз, көпчүлүгүбүз ар кандай маркадагы смартфондорго тушалып турганда «азыр китеп деген окулбайт,баарын интернеттен таап, окуп алсаң болот» деген токпейил, менменсинген, тоготпогон көз караш салтанаттаса, ындыныӊ өчүп, шаабайың сууганына карабай, «миң уккандан бир көргөн артык» деген кыргыздын сөзү бекеринен айтылбаганы өз көзүң менен көрүп, көкүрөгүңдөн өткөргөн көз ирмемдердин, элестердин таасири, жугуму, сабагы башкача, жандуу, элестүү, энергетикалуу, дайыма эле кол булгалап чакыра бербеген капилет ойлорго, көз караштарга, сын пикирлерге, аналитикалык ой толгоолорго кириптер кыларын моюнга алып, көңүлдү өзүм жубатам...*

*2010-жылдардан кийин жазылган «Европанын берметтери», «Сырдуу Италия», Дүйнөсү түгөл Швейцария» деген жол очерктеримди окуп, атайын*

*телефон чалып, жылуу пикирлерин, ой сунуштарын, сын көз караштарын айткан, SMS аркылуу оюн билдирген азиз окурмандарыма башымды ийип, миң жолу ыраазычылык айтам! Сиздер бар үчүн жолум каякка түшсө, айрыкча экономикасы өнүккөн Батыш Европа мамлекеттерине болгон сапарларымда алардагы жакшы жөрөлгө, адеп, тартип, үрп-адат сапаттар, жашоо образындагы адеп-ахлактык, моралдык сабактардан тырнактын агындай болсо да алгылыгын жуктурсак, үйрөнсөк экен (ошону менен бирге улутубузга таандык баалуулуктарды бөлүшсөк деген...), биз деле ошолордой жашоого укуктуубуз, биздин деле мамлекетибизди гүлдөтүп өнүктүрүүгө эркибиз жетет деген изги ойлор басым жасайт... Ушул ойлор дайыма жадыман кетпей түйшөлтөт, кыйнайт, арыма келтирет, көзүмөн жаш кылгыртат... Айрыкча учурдагы интеграция, ааламдаштыруунун кучагына байкалып-байкалбай сиңип бараткан этапта экономикасы арта калган, финансылык жактан ар кимге көз каранды, коррупция кекиртектен алган, кендирди кескен кедей, жарды бизге окшогон мамлекеттерден Петр Iдей улуу реформатор инсандар чыгып, дүйнө эли басып өткөн, эми баса турган цивилизациянын жемиш менен жеңиштерин, артыкчылыгы менен утугун биз да көрсөк экен, дүйнөнүн картасында, геосаясий аренада Кыргызстан деген мамлекет күн түспөл кырмызы желегин түбөлүк желбиретип турса деген тилек көкүрөктө уюйт.*

*Урматтуу окурманым, бул менин төртүнчү жолку жол очерким, кайда барбайын, ошол мамлекеттин жаратылышы, пейзажы, көөнө жана азыркы тарыхы, элинин турмуш шарты, жашоо образы,*

*адеп-ахлагы, маданияты, адабияты, искусствосу кыскасы, улуттун менталитети, ошол элге таандык жүрүм-турум этикасы, коом менен коомчулуктун, муниципалитеттердин байланышы сыяктуу ар кыл, ар тараптуу, ар кырдуу маселеси оюмдун төрдөнүн ээлеп жүрдү. Былтыркы 2018-жылдагы сапарымда Германиянын бир катар шаарларында болдум, Рейн дарыясынын жээгинде сейилдеп, Вуппертaлдын театрына кирип, 2013-жылдагы Бельгиянын Брюгге шаарындагы муз скульптурасына, Бонндогу улуу композитор Л.Бетховендин үй-музейинде, Кельндагы табигый шарт биринчи планга коюлган зоопаркта болгонумда ченемсиз таасирлеримди сиз менен бөлүшүүгө ашыктым. Германияда «кагаз бюрократиясы» өтө күчтүү, аларда жашоо турмуштун бардык сферасы, кыбыр эткениңдин бардыгы мыйзамдарга баш ийдирилген, элестүү айтканда жарандарды (барган гастарбайтер, мейман, туристтерди, ким болбосун...) мыйзамдын желесине байлап, чырмап таштаган. Мыйзам баарына бирдей, мыйзам алдында баары тегиз, баары жооптуу деген сөз ооз жүзүндө эмес, турмушта, практикада так колдонулат, кыйшаюусуз аткарылат. Немецтердин балдарга жасаган мамилеси, алардын жан дүйнөсүнө сүңгүп кирип, реалдуу турмуш менен айкалыштырып өмүр кечириши, билим берүү тармагынын стереотиптен биротоло арылып, замандын талабына жараша, турмушка жакындыгы, адамдын өмүр курагын узартуунун илимий аныктамаларын эмес, саламаттыкты сактоонун табигый фактор, рычагдарына басым жасаган медицинасы, мамлекеттик салык системасынын ар тараптан терең анализдешип иштеши таңдантты. Канчалык көп иштесе,*

*ошончолук көп салык төлөөгө милдеттендирилгени (биздеги байлар салыкты жашырып-жаап, эки эсепкана менен иштеп жатканын бийлик билмексен-көрмөксөнгө салганы жалганбы), карылардын пенсиясы жаштардыкынан көп. Алар эч кимге көз каранды эмес, өмүрүнүн улгайган чагын дөөлөттүү, бейгам, кем-карчсыз сүрүп жатканы (ошонун бардыгы салыктын эсебинен) суктандырды. Биздин көпчүлүк карыларга окшоп, айрыкча элеттегилер небере-чебересин багууга аргасыз болуп, үйдөн чыкпаса, алар каалаган мамлекетине барып саякаттап, музыкалык аспаптарда ойногонду үйрөнүп, спорттун түрү менен машыгып, жашоосун жагымдуу, өзүнө пайдалуу өткөрүшү жашоо образына айланганы чындык. Студенттердин турмушу, эртеңки келечектин ээлеринин билим алуусу, универлер (колледж, университет ж.б.) менен алакасы, жашоо образынын ийне-жибине чейин кызыгып, ал гана эмес жатаканасына барып, жашап да көрдүм. Эгерде бүгүн кимдир бирөө туулган күнүн белгилей турган болсо, убактысын так жазып, күн мурунтан билдирме кагазын (кечирим сурап) жатаканага илип коёт.Интернеттен маалымат алууга болот, бирок көчүрүп, тоту куштай кайталоого болбойт. Жазма иштеринде же оозеки жооптордо да кайсы окумуштуунун пикири, кандай окуулуктагы, илимий адабияттардагы шилтемелерге негизделген деген суроо биринчи коюлат. Акырында гана өз көз караш, ой-пикириңизди айтканга акылуусуз. Кала берсе дипломдук иштер «антиплагиатка» берилет, көчүрүп же уурдап алдыңызбы дароо аныктап коюшат.*

*Мени дайыма дүйнөлүк алкактагы (албетте, биздин улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов-*

*ду жана башка тармактагы бирин-экин атактуу личностторду эске албаганда) таанымал инсандарыбыздын, өлкөнүн атын чыгарган өндүрүштөгү бренд-товарлардын аздыгы, маданий- руханий жана илимий-технологиялык жарыштан артта калып келатканыбыз арыма тиет. Качандыр бир кезде биздин мамлекет да бутуна бекем туруп, өсүп-өнүгүп, дүркүрөгөн цивилизациянын бешинде термелип турган жарык, периштелүү, жылдыздуу күндөрдөн алыс эмес экенинен үмүт этип, ошондо менин да айненин көзүндөй кипкичинекей салымым бар экенин сезүүнүн өзүн бактылуу көз ирмемдердин кайталангыс учкуну деп эсептейм... Бул жолку Батыш Европада айрыкча тазалыгы менен тартиптүүлүгүнөн башкалардан кескин айырмаланган Германиянын, айыл-кыштак деп бөлүүгө болбой турган, биринен-бири озуп, жакшырып-жашарган «землялардын», бир канча шаарларга болгон саякаттан, эмоциясын таптакыр билдирбей, ичимен тап, сыртынан жылмайып интеллигенттүүлүгү, тактыгы менен таанылган, миграциянын арааны күчөп турса да, өзгөлөрдү өздөрүнүн мыйзамдары менен жашоого, аны урматтоого, сактоого аргасыз кылган, көрүнгөнгө эле кучагын ачып бербеген немецтердин бүгүнкү жашоосунан кабар алып кайтабыз, азиз окурман!*

*Сиздерди терең урматтаган жана*
*окурмандарымдан ой пикир күткөн автор*

## *1-бөлүм*

# БЫЙЫЛКЫДАЙ ЫСЫКТЫ КӨРБӨГӨН ГЕРМАНИЯ

Табигаттын катаклизмасы Батыш Европаны кыйла түйшүккө салды. Айыл чарбасына олуттуу зыян келтиргенинен Дойчланддын айыл чарба министри элди кантип тамак-аш продуктулары менен камсыздайбыз деп баш катырып, ал гана эмес өкмөттөн дотация алууга мажбур болуптур... Айыл чарбасына, дыйкан-фермерлерге келтирилген материалдык зыяндын көлөмү эсептелип жатат. Баарын тактап, көз менен барып көргөндөн кийин гана фактынын негизинде талданып, компенсация төлөнөт дешти. Быйыл азык-түлүктөр айрыкча балык өндүрүү тармагы, мөмө-чөмө, жер-жемиштердин, картошканын наркы кымбаттайт деп турушат. Айыл чарбасындагы жалпы чыгым 1,5–2 миллиард еврону түзөрүн экономисттер эсептеп чыгышкан. Жай мезгилиндеги быйылкыдай аптаптуу ысык Германиянын тарыхында көп жылдардан бери боло элек. Жаз-жайда деле тынымсыз жамгыр жаап, аба мээлүүн тартып, ал гана эмес нымдуулуктан токойлордун тескей тарабындагы дарактардын денесин ачык жапжашыл түстөгү паңдар ороп калган. Мындан эки кылымдай мурдараак, 1881-жылы ушундай чызгырган ысык болгон экен.

Бул жолу Германияга төртүнчү ирет келишим. Жайдын кайсы мезгилинде барсаңыз, алыска көз чаптырыңыз, жапжашыл түскө кулпурган түздүктөр, кызыл-тазыл гүлгө оронгон үйдүн короосу, чатыры, балкону, террасасы абдан кооз көрүнчү, быйыл болсо шаар аралык чоң трасса (автобан) боюндагы жашыл өрөөндөр, токойлор менен учу-кыйырсыз талаалар ысыктан кыйла эле жүдөй түшүптүр... Токойлордун бир жак капталы саргайып, мамлекеттик тууну кайтарган жоокердей чыкыйып, сыр бербеген карагайдын бутак-шагы, учтары, каптал-боорундагы шактары бозоруп, күнгө күйгөн.

Самолеттон түшөрүңүз менен дем кыскан, шалдыраткан үп абаны сезесиз... Бизде айрыкча Ош тарапта ысык болгону менен көл-шал тердеткенине карабай, ден соолукка анчалык зыянсыз, а буерде дайыма аба нымдуу болгондуктан, кекиртектен буугандай сезилет. Жогорку нымдуулуктун азабы күч, күндүн катуу ысыганынан абанын буулanganын элестетиңиз... Кыйын эле болуптур немистерге... Ачык айтылбаганы менен 40–45 градуска жетиптир. Мурдагыдай жашыл тулаң, жапжашыл дөбө-дөңдөр сапсары, күрөң-сары түстөгү көйнөк кийип, чызыраган аптаптан токойлордун күн тарабы, капталдары саргайып, бозоруп, чүрмүйө бүрүшөт. Айрыкча көчөлөр, терраса, балкондордогу бажырайган кооз гүлдөрдүн чатыр менен калкаланган анча-мынчасы тирүү калбаса, көбү кууарaптыр. Ысыктан жүдөгөн Дюссельдорфдун мындан төрт-беш жыл мурдагы көрүнүшүн таппадым. Токойдун ичинде аба кургап, баскан сайын тердеп, демиккендей кыйналасың... Саатына 200 км жүргөнгө уруксат берилген чоң трассадан кыйма-чийме кыймыл гана токтобойт.

Вуперталдын борбордук көчөсүндөгү көп кабаттуу үйдүн бурчунда дүйнө жүзүндөгү адам баласынын реалдуу, актуалдуу санын (туулуп-өлүп, учурдагы саны 7,6 миллиард) мүнөт, көз ирмем, бир демге чейинкисин эсептеп турган саатты көргөндө тынымга ойлоно каласың... Жашоо эмне? Көз ирмемби, аккан суубу, зымырык кушпу, желаргыбы же колдогу кумбу деги... эмне? Так аныктамасын бере албаган адамзат. Кайсы бир акындын мындай саптары кулакка жаңырат:

«Сен дүйнө жаралгансың бооруң таштан,
Жаратып, талкалайсың кайра баштан...»

## РЕЙНДИН ЖЭЭГИНДЕ

Рейн дарыясы Батыш Европадагы алты мамлекетти – Швейцария, Лихтенштейн, Австрия, Германия, Франция жана Нидерландия өлкөлөрүн аралап агат. Дарыянын узундугу 1233 км, негизги өзөк башаты айтылуу Алпы тоолорунун мөңгүсүнөн башталат, көптөгөн көлмө-куймалардан курала чөмүчтөп чогулткан сыяктуу агып отуруп, Түндүк деңизге барып кошулат. Германиянын көпчүлүк аймагынан агып өткөндүктөн, атактуу дарыянын жээгинен Арнем, Дюссольдорф, Кельн, Бонн, Страсбург, Базел жана башка шаарлар орун алган. Дүйнө жүзүнө өнөр жай жана транспорт артериясы катары гана белгилүү болбостон, жаратылышынын кооздугу оригиналдуу, ар бири өзүнчө архитектуралык ансамблдей көпүрөлөрүнүн көптүгү, алардын аралыгынын узундугу жана атактуу инсандары менен таанылган.

Эки жээгинде орто кылымдарда курулган, тарыхый доорлордон аян берген, табышмактуу жана сырдуу канчалаган тарыхый мунаралар, сепилдер жайгашкан. Пейзажы өтө кооз, кол менен чебер тартылган картинадай карап эле отургуң келет. Айрыкча кечиндеси дарыянын сырткы турмушу менен ички жашоосунун гармониясы ширелгенде, романтикалуу сценадан таптакыр кеткиң келбейт... Дарыядан тынымсыз жүк ташыган, жүргүнчүлөрдү тейлеген кемелер, пароходдор, кораблдер өтүп турат.

Батыш Европаны бири-бири менен чынжыр сыяктуу байланыштырган даңазалуу Рейн бүгүнкү күндө соода-экономикалык, транспорт-энергетикалык, өнөр жай байланышы гана эмес, маданий-эстетикалык, адабият, маданият, театр, искусствонун чордону – ааламдашуунун борбору жана технологиялык интеграциянын артериясы.

Рейндин живопистик кооздугу андагы курулган архитектурасы ажайып көпүрө, сан түркүн кораблдер, пароходдор, шаарлардын эн белгиси, сыймыгы – телемунарасы, кылымдарды көөнөрткөн тарыхый эстеликтери, өткөн доорлордун сырын каткан сепил-мунаралары эмес. Анын бир туруп каймактай коюуланып, бир туруп толкундары салааланып, кээде күр-шар түшүп чамынып, кээде дымып, бирде жайдары, бирде түнт шамалдын, асмандын, күндүн, адамдардын маанайына, аурасына жараша өзгөрүп-өңдөнүп турган, канча доордун жаңырыгын, кайгы-кубанычын, шаттык-муңун, көз жаш менен күлкүсүн, кыскасы, жан дүйнөсүнүн кыбыр эткенинин баарын-баарын ичине батырып, баарына түтүп, баарын сиңирип, баарына чыдап, болгонун болгондой кабыл алганында. Адамдар менен сыр-

даш-муңдаштай... Анткени дүйнөгө атагы чыккан композитор, художник, артист, окумуштуу, дарыгер болобу ким болбосун, Батыш Европанын маданият, илим-билим, искусство, архитектура, бизнес тармагындагы улуу адамдары, корифейлери Рейнсиз жашоосун элестете алышпаганын моюнга алып жазган эскерүүлөрү менен таанышмын. Ошогобу европалыкпы, монголоитпи, азиатпы же африкалыкпы Батыш Европага баргандардын кимиси болбосун, РАЙНга (немистер ушинтет) ашыгып турушат...

Рейн дарыясынын боюнда тамактанып, эс алуучу кафе-бар, ресторандар толтура, сууну бойлоп кеткен чоң жолдун бир тарабына беш-алты кадам сайын кыдырата отургучтар коюлган. Түнкү Рейнди кыдырып сейилдеш үчүн пароходго түшүп алып, жан жыргаткан классикалык музыканын коштоосунда шам жагылган столдо балмуздак жеп, сыра ичип же тамактанып, айтып бүткүс романтикалуу кечти өзүнө, сүйүктүүсүнө белек эткендер оголе көп. Дарыя терметип, жан дүйнөңүздү жыргалга бөлөп, ушул жарыкчылыктын кымбат, теңдешсиз экенин сездирет.

## ВУППЕРТАЛ – «ЖАШЫЛ ШААР»

Германиянын Вуппер дарыясынын боюндагы алты шаар, атын атап айтканда, Вуппер, Бонн, Леверкузен, Бергин-Гладбах, Ремштайд жана Золинген 1929-жылы бириктирилип, «Чоң Вуппperталды» түзүшкөн. Бул аймактын жеринин рельефи түз, тегиз эмес, ойдуңдуу, дөбө- дөңсөлүү, ой-кырга бай, көз күйгүзгөн чытырман токойлору, көгүлтүр толкунун

жыбыраткан мелмилдеген көл сыяктуу жапжашыл талааалары менен таасирлентет. Вуппертал – байыркы шаар. Бир мезгилдерде айрыкча XVIII кылымдын аягы – XIX кылымдын башында текстиль өнөр жайы дүркүрөп өнүгүп, кездеме токуп чыгаруу боюнча Европага аты таанылган. Өтө бай адамдар, завод-фабрикалары катар-катар өнүккөн капиталисттер, соода менен алектенген соодагер-миллионерлер, кыскасы, чириген байлар көп жашаган. Алардын салган виллалары, хан сарайлары, дворецтери Батыштын эң мыкты архитектурасынын каймактарынын колунан кайталангыс болуп курулган. Тилекке каршы, Экинчи дүйнөлүк согушта фашисттик Германия капитуляция болгондо, алардын дээрлик басымдуу бөлүгү талкаланып, таланып-тонолуп бүлгүнгө учураган. Азыркы кезде алардын калдыктары, т. а., кайра реставрацияланганда кийинкиси да «сыры кетсе да, сыны кетпестен» абалкы коодугунан кабар берет.

Качандыр бир мезгилдердеги Вупперталда жакырлар, кедейлер жашаган кварталдар өзүнчө жайгашкан. Көп кабаттуу үйлөрдүн сыртынан эч нерсе байкалбаганы менен эски, тар бөлмөлөрдө көбүнесе жалданып иштеген бей-бечаралар күн кечирген. Керелиден-кечке каржалып жумушта иштеп, бутун араң сүйрөп келген проллетарлар өлбөстүн күнүн көргөнүн эски муундагылар жакшы билет. Вуппертальдын эски, тарыхый борбору – Бармен, экинчиси тактап айтканда, азыркысы – Эльберфельд. Бул шаардын дагы бир өзгөчөлүгү дүйнө жүзүндө эч бир шаарда кездешпеген, эч кимде жок асма 18–20 метр бийиктиктеги темир жол – Швебебан Вуппер дарыясынын үстүнө рельсалар боюнча жүрүп, чыгыш менен батышты байланыштырып турат. Бул уникал-

дуу асма темир жол 1898–1903-жылдардагы немец инженерлеринин ойлоп тапкан техникадагы мыкты жетишкендиги. Мындан башка дагы бир тарыхый борбордогу тарыхый эстелик пролетариаттын улуу жол башчысы, эл аралык Коммунисттик партиялык кыймылдын көрүнүктүү жетекчилеринин бири Фридрих Энгельстин үй музейи орун алган. Өз мезгилинин чыгаан лидери Ф. Энгельстин туулган жери – Бармен шаары.

Леверкузен шаарында фармацевтика тармагы аябагандай өнүккөн. Дүйнө жүзүнө таанымал «Байэр» компаниясы фармацевтикалык өндүрүшүнүн көлөмү, ассортименти, продукциясын тышкы рынокко экспорттоо боюнча алдына ат салдырбайт. Аспиринден баштап, заманбап технологиядагы медициналык аппараттар, жабдуулар, препараттар, дары-дармектердин сан миң түрү чыгарылат. Мындан башка айыл чарбасына кеңири колдонулган химикаттар, эл керектөөчү товарлардын түрлөрү, өнөр жайынын ар кыл тармагы өскөн. Леверкузенден илгертен бери дүйнөгө таанымал спортсмендер көп чыккан, анткени спортко аябай көңүл бурулган, эң мыкты шарттар түзүлгөн.

Золинген шаары болсо, дат баспаган металлдарды иштеп чыгаруу боюнча дүйнөгө таанылган кичинекей калаа. Миз жасоочу: бычак, кашык, айры, кайчы, алардын көптөгөн түрлөрү жана башка инструменттерди жасап чыгарган завод иштейт. «Золинген – (миз) лезвиянын шаары» – деп бекеринен аташпайт.

Золинген менен Вупперталды бөлүп турган Вуппер дарыясы кудум биздин Ошту аралап аккан Ак-Буура дарыясындай, бир айырмасы Вуппердин суусу мелмилдеп кышын-жазын дарыяны толтуруп

агат, суунун эки тарабы жыш бак-дарактар менен оронуп алган.

Вуппертaлдын эмнеге жашыл шаар деп аталып калышынын дагы бир себеби, ошол аймакты бүтүндөй токойлор курчап турат. Күзгү буудай себилген талаалар жапжашыл, кулагын тикчийткен көк буудайдын бою беш-алты сантиметр. Декабрь кирип келгенине карабай, табият жашыл түсүнөн арыла албай турат. Эртең мененки чыкыроон ызгаар ачык жерде, бийигирээк дөңсөөдө бети-башыңды тызылдатса, ойдуңда жылуураак, какшагы кайтып калгандай туюлат. Солингендин Флоскетхол деген жеринде үйлөр каз-катар жайгашып келип, токойдун ичине кирген сайын сейрек, бири-биринен алысыраакта. Немецтер өтө таза, үйлөрүн иреттүү жана табиттүү жасалгалаган калк. Гүлдөрдү жакшы көрүшкөнү кадам сайын байкалат. Эшик-терезесинде, балкондо, террасада, кала берсе үйдүн чатырында да гүл өстүрүшөт. Короосунун алдына ар кайсы айбанаттардын кейпин (бугу, мышык, короз, коён ж.б.), Санта-Клаус, күлкү келтирерлик юморлуу чоң-чоң сувенирлерди коюп, кайсы бир образды чагылдырышат. Кол менен жасалган, колдун энергетикасына жуурулушкан буюмдарды баалашат. Немецтин ар бир үйүнүн короосунан өзүнүн табитине жараша декоративдүү дарактардан жасалган кайсы бир сюжетти көрөсүз. Үйлөрдүн дээрлик бардыгында сырткы каалгасынын бир бурчунда үй ээсинин аты-жөнү, кесиби (көбүнчө аялдарыныкы) жазылган тактайча, кат, гезит-журнал сала турган үкөк, көркөмдүү коңгуроо илинип турат. Коомдук тартипти, тынчтыкты сактоо, ар бир кишиге таандык нерселерге урмат менен мамиле кылуу жазылбаган мыйзамдай.

Айткандай, биз Вуппер (немецтер Вуппа деп эркелетишет) дарыясын кесип өткөн шоссе жолдо токой аралап баратабыз. Бир мезгилдерде Экинчи дүйнөлүк согуш бүткөндөн кийин өрттөнгөн, талкаланган, аңга айландырылган талаа-токойлорду калыбына келтирүү, көрктөндүрүү, жашылдандыруу максатында 1953-жылы Азия, Америка, Канада, Россия мамлекеттеринен арчанын көчөттөрүн алып келип токойлорго отургузушкан. Ошондогу арча, карагайлар азыр көктү тиреген, көк менен көрк талашкан, кышы-жазы жапжашыл чөлкөмгө айланган. Азиядан келген карагайлардын ичинде Кыргызстандын ийне жалбырактуу карагайлары бар.

Эң кызыгы, көз алдыңызда токойдун түсү кубулуп турат... Канаданын түбөлүк жашыл түстөгү чатыраган токою күл түспөлдөнгөн көгүш карагайларга алмашат. Кош дөбөлүү дөңсөөнүн жол тарабындагысы жапжашыл дүркүрөп өссө, экинчи жагында суйдаң, ар кайсы жерде сербейген, ала-була бутагы да кыска карагайларды көрүп таң калдым, сел жууп кетеби же таштактуубу дейин десең эч нерсеси байкалбайт, жеринин кыртышы бирдей. Жолдун оң кол тараптагы ойдуңда бутак-шагы билинбей чырмалышкан калың токой дүкүйөт, кудум жомоктогу токой, жомоктогу сулуулук, жомоктогу пейзаж... Жамгыр көп жааганданбы же жогорку нымдуулуктанбы, ар бир дарактын баштан аяк бүт тулкусу жапжашыл, нымжан майсаңга оронуп алган. Килейген бир бутакта мурду, көзү бар, ооздорун чормойтуп өбүшүп тургандай сүрөттү, аялдын тирсейген кош эмчегин көрүп, бир дарактын сөңгөгү түптүз, жайык кудум аялдын жан жерин тартып койгондой, токойдун өзүнчө көркөм галереясы, «Лувру», табигый сүрөтканасы бар эке-

нине ынанасыз... Күрөң-кызыл, күрөң-агыш, чымкый кызыл жалбырактар кат-кат төшөлгөн. Токой тонун чечип алганы менен майда бадалдар түсүн бербей бой керет. Карагайдын кеминде беш-алты түрү бар. Көк түстүү, жашылы, жазы жалбырактуусу, балатыга окшошкону, жамбашы килеңдеген жайык, учтары кууш, типтик болуп түз өскөнү, деги койчу, бир мезгилдерде дүйнөнүн төрт тарабынан келген «жашыл перилердин» чейрек кылымдан ашыгыраак мезгилде дүркүрөгөн чытырман токойго айланганын көрүп, ушуну тиккен адамдарды ичимден алкадым.

## «КИМ, КИМ КӨП ТӨЛӨЙТ?»

Германиянын атактуу Кельн шаарында көөнө тарыхтын эстелиги, көөнө доордун изи катарында Кельн соборунун мунарасы заңкайып, алыстан эле бажырая көрүнөт. Курулушу өтө уникалдуу, архитектурасы табышмактуу, эки ярустуу, эгиз мунаралуу бул чоң чиркөө 1250-жылы курула баштаган, бийиктиги 9,50 метр, туурасы 4,60 метр келген чиркөө-ибадатканасы 750 жыл бою ар кайсы бөлүгүн, мунараларын өтө кылдаттык, чоң чеберчилик менен курушкан, анын 550 тепкичи бар. Мурда түсү ак болгон, канчалаган кылымдарды көрүп, ачык асман алдында тургандыктан чаңдан, кирден өңү карарып кеткен. Алгачкы пайдубалынын таштары биринчи жолу 1248-жылы коюлган. Пайдубалын казып жаткан мезгилде байыркы Римден калган таштар, римдиктерге тиешелүү буюм-тайымдардын калдыктары чыккан. Мунаранын курулушу расмий бүткөн жылы XIX кылымга,

Ош облустук китепкана
ИНВ № 484636

1880-жылга таандык. 1880-жылы Германиянын кайзери Вильгельм I өзү келип, собордун түштүк мунарасынын акыркы ташын койгон.

Кельн епископствосунун тарыхы көптөгөн тарыхый изилдөөлөргө караганда, алгачкы жолу анчалык чоң эмес епископство готикалык стилде курулганы кол жазмаларда айтылат. 1164-жылы архиепископ Райнальд Дассельский Миландан Үч Царь-Волхвов олуялардын статьуяларын алып келип орноштургандан кийин анын жолун жолдоочу Филипп Хайнсбергский олуялар үчүн алтын, күмүш жалатылган жана башка асыл таштардан реликвария жасатууга киришет. Ушул ыйыктардын жана олуялардын Кельндагы собору Орто кылымдардагы бүткүл Европадагы зыяратчыларды өзүнө тартып турган. 1248-жылы епископ Конрад Хохштаденский мындан кем калышпаган, ошол кезде Германияда көп колдонулган роман архитектурасындагы эмес, француздардын соборлоруна мүнөздүү болгон жаңыча заманбап стилдеги кошумча мунарасын курууга бел байлайт. Кийинки кылымдарда чоң залындагы капелласы, түндүк-түштүк тарабындагы нефасынын витраждары, Ыйык Кларанын алтары, Энгельберт, Матерна, ыйык Иоанна, ыйык Агнесса, ыйык Михаил, ыйык Стефан, ыйык Кудай-Эне, Милан Мадоннасы, Үч Царь-Волхвов жана башка бир нече ыйык-шайыктардын капеллалары курулат. Собор 26 бөлүктөн турат, алардын ар биринин узун тарых-таржымалы, кимдер куруп, кандай салым кошкону, алардын атак-даңкы кошо жазылат. Мындайча айтканда, эбегейсиз искусство чыгармасынын дүйнөсүнө сүңгүп киргендей болосуз. Маңыз-мааниси боюнча диндин өсүп-өнүккөн этаптарын даңаза-

лаганы менен уникалдуу чыгарманын курулуш материалдарына эч нерсени аяшпаганы (алтын-күмүш, үлүлдүн кабыгын, жер жүзүндөгү асыл таштардын бүтүндөй породаларын, жапайы жаныбарлардын сөөгүн, терисин, мүйүзүн, табигый дарактардан: дуб, карагай, жаңгак, бамбук сыяктуу өлбөс-өчпөс материалдар) болгон байлыгын, талантын, күч-аракетин, эбегейсиз эмгек жумшап көөнөрбөгөн, «солк» этпеген, тарыхый баалуулукту келечек муундарга калтырышкан. Ар бир бөлүк темир тор менен жасалгаланган, бир мезгилдерде Европанын пулу чиригине байлары келип, чоң сумманы төлөп, өз үй-бүлөсү менен зыярат кылышкан, сыйынышкан. Чиркөө-собордун алдынан өткөн доордун личностторун-кейипкерлерин туурап кийинген Чарли Чаплин, Македонский, ханыша, аскер чиндүү рыцарлар, желмогуз кемпир жана башкалар сиз менен сүрөткө түшкөнгө өтө ынтызарлыгын билдирип, азгырып турат.

Баса, мурда тээ илгерки Кельн шаарында үйлөрдүн катар номурлары болбоптур. Европа мамлекеттерин биринин артынан бирин басып алган, атактуу полководец Бонапарт Наполеон Кельнге келгенде ар бир үйгө катар номур коюп чыгууну тапшырат. Ошондо Фарина деген кишинин үйүнө өз колу менен №4711 деген номурду жазып коёт. Фарина кийин атактуу парфюмер болуп, өзү чыгарган атырлардын коллекциясына Наполеондун номурун коюп чыгарат. Тез эле атырдын даңкы тарап, ошол кездеги бай, дөөлөттүү, ак сөөк (күйөөсүнүн мартабасына манчыркаган) фрау-немкалардын, немец айымдардын дээрлик бардыгы ошол атырды себинишчү экен.

Кельнда таң каларлык бир нерсе мени кызыктырып калды. «Рад хаус» бизче которгондо, Ак үйдүн (ошол «землянын» босу – чоңу отурган жерде) жа-

нындагы бир имаратта тынымсыз музыка ойнолуп турат. «Ким, ким көп төлөйт?» деген бадырайган көрнөк көңүлдү аргасыз бурат. Европада музыканын түрү, тематикасы, жанры, тиби өтө өнүккөнү талашсыз. Кимге кайсы музыка жагат? Эл көп чогулган жайларда, туристтерди алып барчу кооз, көңүлдү көтөрүп эс алчу жерлерде сизге кайсы музыка жагарын, кайсы ырга ышкыңыз түшүп, табитиңиз тартып турганын чөнтөгүңүз эле заматта аныктап коёт... Биздеги базардагы кумар оюну сыяктуу дейин десем, андай деле эмес экен, чөнтөгүнө жараша каалаган музыкасын угушат, адам баласы табити үчүн эч нерсени өзүнөн аянбаганы турган кеп...

## ЖОМОКТОР КАНТИП ЖАРАЛАТ?

2014-жылы Бельгия мамлекетине болгон сапарымда кышкы каникул мезгилин балдар кандай өткөрүшөт деген ой кызыктырды. Анткени бизде элет жериндеги балдар кышта кар көп жааса, муз тээп жыргашат. Ал эми шаардык балдарга мындай шыбага дайыма эле буюра бербейт. Айрыкча акыркы жылдары Кыргызстандын борбор шаары Бишкектин өзүндө, экинчи борбору Ошто деле жарытып кар жаабай койду. Муздан скульптуралык көргөзмө жасоо жагынан жылдан-жылга европалыктардын техникалык, технологиялык, виртоуздук чеберчилиги, ыкма-усулдары өөрчүп баратканы таң калтырат.

Бельгиянын атактуу бир шаары Брюггеде жыл сайын, тагыраак айтканда, 1997-жылдан бери муз скульптурасынын көргөзмөсү иштейт. Өткөн бир

мезгилдерде өтө бай, өтө даңазалуу Батыш Европанын соода борбору катары таанылган шаарды азыркы кезде айрым бир көз караштар менен «умерший город», бизче айтканда «жок болуп бараткан шаар» деп аташканы түшүнүксүз, анткени жылына үч миңден ашуун туристтердин келип-кетүүсүнөн антип атоогоооз барбаганына не себеп дейсиз?.. Шаарда болгону 174 миң адам жашайт бүгүнкү күндө. Андай деле башка калааларга мүнөздүү көк тиреген имараттары, көз айырбаган кооз, заманбап үйлөрү же таң каларлык стилдеги тарыхый-маданий эстеликтерди эмес, кадыресе кыштан салынган, жапыз жана ыңгайлуу, готика жана барокко стилиндеги Орто кылымдын элесин, жашоо образын көрүп, канча кылымдардан бери өз ажарын, боёгун, өзгөчөлүгүн жана таанымын жоготпой, туристтерди эмнеси менен тартканына таң каласың. Чанда кезигүүчү тарыхый баалуулук катары ЮНЕСКО тарабынан корголууга алынган шаар. Брюггени бир чети тамашалаппы же чындаппы «Князь в грязи», кыргызчага которгондо «Ооматы кеткен байбача» деп коюшат. Шаардын өсүп-өнүгүүнүн ордуна, тарыхый музей катары сакталып же каражат топтоонун булагы катары кызмат кылышы тарыхый-социалдык факторлорго көз карандылыгын танууга болбойт. Ошентсе да калкынын санынан туристтердин саны көп, алардын эсебинен жашап байыган, Орто кылымдын элесин өзүнө батырып турган шаардын бир артыкчылыгы жөнүндө айтып берейин.

Адам баласы табиятынан жомокко жакын келет. Балдар үчүн жасалган дейин десең, көрүүчүлөрү балдарга караганда чоңдор көп, кичинекейлер андан ашыгыраак, кыскасы, күн сайын эл жыкжыйма. Биздин балдар эле эмес, чоңдор да сүймөнчүк менен

көрүшкөн жомоктордун каармандарынын баарын муз скульптурасынын галереясынан табасыз. Легендарлуу жомоктордун каармандары – Золушка, Тарзан, Шрек, Кай менен Герда, Балу, Шерхан, Отелло, Ка, Багира сыяктуулар тынымы жок, жердин жети түбүндөгүнү сезген Микки-Маустарды, жомокту жакшы көрүшкөн гномиктерди кездештиресиз. Жер жүзүндөгү бүткүл адамзатка жакшы тааныш «Кар ханышасы» («Снежная королева»), «Муздак жүрөк»(«Холодное сердце») сыяктуу жомоктогу эпизоддор учкул фантазиянын керемети менен кар менен музга чегерилген.

Муз скульптурасынын сарайында шам-шум этип алууга ысык чай, кофе уюштурулган. Сарайдын эки кабаттуу бийик тепкичтерине чыгып алып, галереяга көз чаптырсаңыз да болот. Ар бир көрүнүш, ар бир эпизод, ар бир образ жомоктун маңыз-маанисин эске салып, ой-дүйнөңүздү байытып, кыялый сезимдериңизди ополотуп тургансыйт... Бала кезде ой-дүйнөңдө жашап, кийин көр тириликтин көйгөйүнөн чыга албай калган биз пенделерге тазалыкты, арүүлукту, эң башкысы адамгерчиликтин, ыймандуулуктун айдыңына жетелеп кеткенсийт...

Ар жыл сайын жаңы жомоктордун сюжетинин негизиндеги көрүнүштөр, окуялар жана каармандардын образдары чагылдырылат. Жаңы жыл босогосундагы жомок «Фрозен» деп аталат. Жалама аскалуу ак кар, көк музга чулганган, барса-келбес тоо чокусундагы падышачылыкта карды жарып чыккан байчечекейдей назик, жанда жок мээримдүү, эки жүздүүлүккө, кара ниеттикке жана эзүүгө каршы турган ханышаны куткаруу оңойго турбайт. Алардын душмандары оңой менен жеңилип

бербеген мистикалык образдар. Кала берсе тырмактын агындай кар бүртүкчөлөрү да жандуудай сезилет. «Фрозендин» каармандары Анна жана Эльза, Кристофф менен Свен, Ханц жана Оакен, Везельтон менен Олафтардын образдары жогорку чеберчилик менен өтө ынанымдуу, ийкемдүү жана жандуудай көркөм жасалган. Жомоктун сюжеттерин муздан жасоого күн мурдатан конкурс жарыяланып, жеңип чыккан профессионалдар АКШ, Канада, Германия, Италия, Испания, Франция жана башка Батыш Европа мамлекеттеринен, биздин кошуна Россиядан кыркка жакын скульпторлор тандалып алынган. Муз скульптураларынын көргөзмөсүн жасоого 500 тонна муз, 500 тонна кар, 2 тонна муз бүртүкчөлөрү алынып келинип, жогорку технологиянын негизинде тоңдурулган «Диснейландын» каармандары жүз ачышкан. Ага атайын чоң имарат бөлүнүп, минус алты градус суукта кармалат. Үч бөлүмдөн турган композициянын ар бир деталдары, эпизоддору жогорку чеберчиликти айгинелеп, өтө берилген ынтызарлык, чоң эргүү, чоң сүйүү менен тургузулган. Көргөзмөнүн чоң залында жаңы жылдык балга даяр турушкан ашкере аземдүү, экстроваганттуу кийинген, биринен өткөн бири сулуу ханышалар менен келбеттүү ханзадалардын монументтери азыр эле кыймылдап жиберчүдөй жандуу жана ишенимдүү туюлат. Алардын көз ирмемчелик кыймыл-аракетинен, турган-турпатынан, кебете-кешпири менен жүзүндөгү мимикасы, жестинен жан дүйнөсүнүн абалы айкын билинет. Музга катырылган ар бир эпизод жомоктун сюжети менен ичкертен байланышып, ошол дүйнөгө аралашып жүргөндөй сезим калтырат. Ханзадалар менен ханышалар сырдашкан

табияттын мезгили, кала берсе алардын отургучтары да эске алынган. Экинчи бөлүмүндө хан сарайдын элеси орнотулуп, кар ханышасынын каретасы кайдадыр бир жакты көздөй шашып баратат...

Чылгый муздан чегерилген сыракананын ички көрүнүшүн элестете бериңиз... Европалыктарга мүнөздүү балпайган, көрүнүшү күлкү келтирерлик курсагын челкейте, мурутун жанган бармен сырасын сатуу менен алек.

Көргөзмөнүн дагы бир бөлмөсүндө турган турпаты, мимикасы, баёо көздөрү менен адамды өзүнө магниттей тарткан айбанаттардын муздан жасалган кейипкерлери ушунчалык сүйкүмдүү, ушунчалык көзгө жакын, барып эле кучактап, бооруңа баскың келет. Алар эмнелер дейсизби?.. Баягы эле мультфильмдеги каармандар: таптакыр тынчыбаган, жер тыңшаар Мамыттардай чырылдаган Микки-Маустар, аларга катарлаш чакан керебетте жомокчу кызды күтүп, уйкусу келбеген кипкичинекей гномиктердин турмушу таң калтырат. Айтмакчы, гномиктер жөнүндөгү уламыш эсиме түштү.

## «ОПСУЗ АМАЛКӨЙ ВАРВАРА»

Германиянын ири шаарларынын бири Кельндун борбордук аянтында атайын гномиктерге арналган эстелик – монумент тургузулган. Илгери-илгери өткөн бир замандарда Кельнда кичинекей адамдар жашашкан экен. Алар эч кимге билдирбей, эч кимге көрүнбөй түн ичинде жашырынып келип, шаардын тургундарына үйүндөгү бүтпөгөн иштерин бүтүрүп,

курулушка, дан өстүрүүгө жана устачылыгына аябай жардамдашып, келип-кетип турушчу экен. Шаардын жашоочулары да бир иш баштаса көңүлү эргип, кызыгуу менен жасап, эгер бүтпөй калса кыжаалаттанбай эле уктап, беймарал эс алышчу. Оюнда жардамдашар кишилердин бардыгы аларды түнү жакшы уктап, кайрат-күч топтогонго каниеттендирген. Күндөрдүн биринде кимдин эмне иш жасаганына, ким каякка барганына, ар бир үй-бүлөдө кандай кеп-сөз болгонуна аябай кызыккан, обу жок Варвара деген тигүүчү аял алардын сары изине чөп салыптыр... Белгисиз, «ак жүрөктөрдү» көрүүгө куштарланган Варвара укмуштуудай план ойлоп табат. Үйдүн тепкичтеринин үстүнө майда, билинбеген нокотторду чачып коёт да, өзү уктабай аңдып жатат... Түндүн бир оокумунда тепкичтен чыгып келатышкан гномиктер сыйгаланып жыгылып, алардын тыбыраган дабышы угулуп калат. Чырагына май тамган Варвара керосин куюлган шам чырагын көтөрүп чыга калат да, аларды көрүп алат. Аялдын оозу аңырая ачылып, тынымдан соң кипкичиней кишилердин жыгылып ордунан тура албай жатышканын мазактагандай каткырып күлөт... Ошол окуядан кийин кичинекей адамдар таптакыр келбей коюшат. Адамдар болсо аларды күтүп, дайыма тепкичтерин таза кармашат экен. Ошентип, эмгекти сүйгөн, ишти оор-жеңил деп ылгабаган, эмгекчил адамдарга жардам берүүдөн ырахат алышкан гномиктер жомоктордо гана жашап калышыптыр...

Жомоктун турмуш менен шайкештигин айгинелөөгө аракеттенген ойдон улам жаралган эпизоддор да көрүүчүнү кайдыгер калтырбайт. Айтмакчы, сырачылардын кесиптик кийимдери өзүнчө. Герма-

ниянын Вупперталь шаарында көйнөк, кара шым кийип, көк түстөгү фартук тагынышат. Вупперталга илгертеден сырачылардын кантип келгени жөнүндө ар түрдүү уламыштар айтылат. Илгери-илгери зыяратчылар Испанияга барабыз дешип, жол азабы-көр азабын тартып, буту ооруп, сапарын улай албагандыктан, Кельнда калып калышат. Сыра сатып, тиричилик кылышат. Күн ысыганда айрыкча жай мезгилинде сырачылар пайдага туйтунуп, оңуп калышат. Жергиликтүү эл гана алардын сырын билбесе, эки жактан келген чочун адамдар, меймандар алардын кайырмагына тез илинет. Андыктан сыраны эч качан түбүнө калтырбай таза ичүүгө болбойт. Кайсы маалда, кайсы убакта алдыңыздагы сыра куюлган чөйчөгүңүз (кружка) толгонун байкабай да каласыз... Түбүндө калбай калса, дароо эле толтуруп коюшат. Ичиңизге батпай калганына карабай, төлөшкө туура келет. Алар өздөрүнө өзү кожоюн, кер-мур айтышканга акыңыз да жок.

## ШУЛОСБУРГ – ТАРЫХЫЙ ЭНЧИСИ МЕНЕН ТААНЫМАЛ

Германиянын Нордхаймвестальд жери атактуу Рейн дарыясынын Түндүк тарабында. Анын борбору – Дюссельдорф шаары. Биздеги райондук акимчилик дегендей, аларда обер- бургомистер башкарат. Түндүк Рейн Весталиянын жээгинде байыркы шаарлардын бири Вуппертал, Кельн, Золинген жана Дюссельдорф жана бир нече шаарлар орун алган. Түндүк тарабы Түштүгүнө караганда климаты салкын, жайдын эң

узак күндөрү июнь–июль айларында деле +12, +13 градуска түшүп, жамгыр тынбай жаап турат. Абасы нымдуу болгондуктанбы, айлана-теребел жапжашыл, тээ кыш босогого кирип келсе да көкмөк, жапжашыл түсүнөн ажырай албайт табият. Тез-тез жааган жамгырданбы жеринин табияты өтө кооз, дабан-дабан ашырган дөбө-дөңсөөлүү, кокту-колоттуу, жылга-жыбыттуу, чар тараптагы жапжашыл адырлар, көкмөк арчалар, балык көлмөлөр, шыбырашкандай кокту-колотторду аралап аккан суулары, жалбырагынын ушунчалык калыңдыгынан тамчы өтпөгөн токойлор бар. Немецтер күн чыкса кадимкидей кубанып, бир күн болсо да күнгө какtанып эс алганды жактырышат. Аларда кайда барбаңыз, унаа жүрө турган, жүрбөгөн жолдор боюнча эч кандай көйгөй болбойт. Сыдыргыга салгандай тегиз, тоо-таштын арасындагысы, жалгыз таман жолу деле асфальтталган, ага таандык бүт белгилер коюлган. Немецтер табиятка өтө жакын, эртең менен машыгып чуркап, ар кандай көнүгүүлөрдү жасап, сейилдеп жөө баскандарды жолуктурасыз. Тааныса-таанбаса да сөзсүз салам айтып учурашат. Жылмайып, сылык жооп берүүгө көнгөн. Андыктанбы, тоо тараптагы жолдордун мерчемдүү жерлерине дем ала турган отургучтарды коюп коюшкан. Токойдун бир бутагын сындырып же кесkенге эч кимге жол беришпейт. Кудураган бутагын кесkенде, селден же шамалдан кулап түшсө да, аны бир жерге иреттеп тизип, шактарын өзүнчө, майда бутактарын, жалбырагын өзүнчө тизет. Чытырман токойго бай экенине карабай, бүлүндүрүү же тебелеп өрт коюу, отунга кесип алуу деген дээрлик жок. Токойду алар материалдык байлык эмес, жаратылыштын белеги деп кадырлашат, жан дүйнөнүн сырдашы деп били-

шет. Таптакыр адамдын буту тийбеген, жака-бел бүтүндөй бийик-бийик, типтик кырларга курчанып эңкейсе ылдый тарабы көрүнбөгөн айбаттуу, сүрдүү ары коркунучтуу, өзүнүн мыйзамы менен жашага түнт токойлору да бар.

Бир жерден экинчи жерге автобус же поездг түшүп барсаңыз болот. Ар бир аялдамада алардын иштөө тартиби таблодон көрүнүп турат. Бир мүнө эрте же бир мүнөт кечигүү деген болбойт. Ар би аялдамада келген дарегиңизди бажырайта жазып ж айтып турат. Бизге окшоп улууларга орун берүү жок дегеле мен түртүшүп, тыгылышкан же жыкжыйм жүргүнчүсү барын көрбөдүм. Эгер улгайган бирөөг орун бошотсоңуз, мени карыган деп аяп жатат деге таризде жактырбайт. Немецтин аял-эркеги улгайс да, жүрөгү жаш экенин сездиргенге маш. Бир жерден (земля дешет) экинчи жерге бараткан поезддердин ички тазалыгын, отургучунун аппак жабуусун ичиндеги санитардык абалын жана башка шарттарын сурабаңыз. Бир да жол акысына билет албаган немецти таппайсың, албагандар эки жактан келгендер, гастарбайтерлер, чет өлкөлүктөр экен. Та калтырганы Золингенден жылкы баккан фермерди турмушун көрүп, көп нерсени баамдадым. Жылкыга адамдай эле мамиле жасашат. Жууп-тараганда жем бергенди мындай кой, күлүк аттарды айлампаны айландырып бастырып же чуркатып, сууткандa сейилдеткенде, кыскасы, саат сайын режимди сак тап, астейдил көзүн карашат. Чөп өскөн талаан бир жылкы баткыдай жип тартып бөлүп коёт, а бирин катары менен оттотуп, чөбү түгөнгөндө ирет менен башка жөөккө жылдырат. Биздегидей жайлоого айдап таштап, ой келди откозуш жок. Жылкынын жалын тараганда, мүчөсүн жууп-тазалаган-

да баладай эркелетип атынан чакырса, мээримдүү кишенейт. Биздеги сейрек кездешкен, күлүк аттардын породасы менен спорттук мелдештерге катышат. Күлүктөрдүн күлүгүн баккан-таптаган фермер экен, алардын баа-наркына өзүлөрү баш чайкашат. Немецтердин дээрлик баарында менчик автосу бар. Үй-бүлө мүчөсүнүн ар биринде барлары да кездешет. Эгер автоунаасы болбосо, жумушка да албайт. Биздегидей «Джип», «Лексус-570», « Тойото Ленд Крузер-200», «Рейндж Ровер» өңдүү габариттүү, жол тандабастарды эмес, бензинди аз сарптаган, чакан, дизайны кооз, өзүнө же үй-бүлө мүчөсүнүн санына жараша оптималдуу автомашиналарды айдашат. Өтө таң калыштуу, чакандан чакан бир кишилик же маркасы сейрек, абдан кымбаттарын көрдүм. Алар автоунаасыз турмушун элестете албайт.

Ошол аймактын абдан барктуу, келип-кеткендерге көрсөткөнгө ашыктырган тарыхый жери Шулосбургдагы чылгый таштан курулган таберик чеп. Мындайча айтканда, немецтердин жерин баскынчылардан коргогон элдик баатырдын, өз мезгилинин эр жүрөк да, заалим да, тарыхый инсандын чеби бар. Граф Енгельберт II Бергинскийдин крепосту, мындан IX–X кылымдар мурдагы доорлордон кабар берет. Чепти курганда таштын ар бир түрүн, көлөмүн өтө кылдат иштетип, өлбөс-өчпөс, урабас-кулабас кылып тургузушкан. Өзү да бийик жерге жайгашкан, графтын ошол доордогу бийлигин, элди кантип башкарып, тышкы душмандарга согушун, жеңишин, коргонууга ылайыкташтырылган кароолкана, күзөт мунарасы, аскерлери турган гарнизону өзүнчө эле бир мамлекетти байкайсың. Укмуштуудай архитектурасы, тээ кылым түпкүрүндөгү турмуш образынын көрүнүштөрү, католик дининин күч алып турган, элди диндин сеси

менен башкарган мезгилди көрөсүз. Динге баш ийбегендерди колу-бутун чынжырга байлап, темир торго камап, эл алдына алып чыгып башын кескен жайлар сакталуу. Ал эми граф Бергинский жашаган үй 1218-жылы курулган. Төрт арабы таш дубалдар менен курчалган чептин ичинде, ошол мезгилде колдонгон буюм-тайымдар, аскерлердин кийимдери темир зоот, чопкут, бет кап, кол кап, найза, кылыч (дээрлик бардыгы темирден иштетилген), аскер чиндери, согуштагы эпизоддор, графтын династиясынын мууну, ошол кездеги көрүнүктүү адамдары, чиркөөсү, ибадатканасы, анда жасалган ырым-жырым, жөрөлгөлөрдүн баары чагылдырылган. Экинчи дүйнөлүк согушта бул чеп аябай талкаланган, көп бөлүгү урап уурдалган, экспонаттарынын көпчүлүгү жоголгон. Тарых түпкүрүндөгү доордун элесин сактап турган чептин кире беришинде граф Бергинскийдин атка минип турган айкели орнотулган. Анда мындай деген жазуу бар: «Большой сын Бергинский земли» немецтерди сыймыкка бөлөгөнүн жашырышпайт.

## БЕРГХАЙМДЫН СЫЙМЫГЫ

Вуппerталдан анчалык алыс эмес, дагы бир кичинекей шаарчада канча кылымдарды карытса да бузулбай, кебелбей турган илгерки-илгерки замандын эстелиги, көөнө тарыхый сепил бар. Сепилдин кире бериш тарабында көлмөнүн курулушу да ошол эски доорго таандык. Аркага кирип баратканда эле кызыл-күрөң түстөгү майда, тептегиз кыштан кыналган заңкайган сепилдин канатын жайган куштай беш-алты бөлүктөн турган мунаралары биринен бири өтүп

заңгырап, чатырындагы архитектуралык жасалгасынын коаздугу, оригиналдуулугу менен жарышып тургандай, бир мезгилдерде Европадагы гүлдөп өнүккөн Ренессанс доорунан кабар берет. Короосундагы таман таштары бирдей көлөмдө, тегиз кесилген чылкый кар түстүү таштар менен кооздолгон. Сепилдин алды жагында атайын балыр баскан көлмөдө балыктын ар кыл түрү сайран куруп жүрөт. Мындай караганда, көлмөнүн дал ортосуна атайын курулгандай... Ал эми сепилдин бакчасы көп жылдык арча-карагайлары, карт дарактары асман тирешип, көктөн жарык нур талашкандай, жарышып бой керишет. Сейилдеп келип отура турган отургучтары да эски стилде, абдан купуя, табышмактуу, антиквариат. Мунаранын биринчи кабатындагы терезесинде тегиз гүлдөр жайнайт. Бул тарыхый сепил 1531–1546-жылдардын ортосунда курулган. Жашыл чөлкөмдүү, чакан карагай, арча, ак кайыңдары харизмалуу токойлорго Бергхайм шаарында жайгашып, Ренессанс стилиндеги ошол мезгилдеги архитектуралык бардык жасалганы, табылганы, жаңылыкты, кооздукту боюна сиңирген. Тарыхый маалыматтарга караганда ошол доорго белгилүү граф Wilhelm von dem Bongarb деген өтө бай адам жеке каражатына курдурган. Ал үй-бүлөсү менен укмуштуудай архитектуралык жасалгасы бай, кымбат, оригиналдуу көргөндү таң калтырган кооз, кайталангыс сепилде өмүрүнүн акыркы мүнөтүнө чейин жашаган. Канча мезгилдер өткөндөн кийин графтын урпактары 1958-жылы Marietta Freifrau von dem Bongort Германиядагы энергетикалык ири компаниялардын бири RWE компаниясына саткан.1976-жылдан бери ошол компания иштетет. Аерде маалыматтык бюролор, туризм, юридикалык кызматтардын кеңселери, ар кандай салтанаттар өткөрүлүп турат,

## 2-бөлүм

# КЕЛЬНДАГЫ ЗООПАРК

Кельнга сапар тарттык. Күн бүркөлүп, кабагы чытыла баштаганы менен аба жылуу тартып жагымдуу. Кельндагы зоологиялык парк бүткүл дүйнө жүзүнө белгилүү. Анткени мындагы жан-жаныбарларды табигый өз чөйрөсүнө жакын кармашат. Мисалы, илбирс кандай шартта жашаса, күнүнө 8 кг эт жесе, тоо-таштын, аска-зоонун боорунда, коңулунда, үңкүрдө күн кечирсе, так ошондой шарт түзүп беришет. Зоопаркка кире бергенибизде жамгыр себелеп жаай баштады. Көз ачып-жумганча жамгыр шатырата төгүп кирди. Саратанда күн күркүрөсө, кызыктай эле сезилет. Чагылган чартылдап, көктү бозомук туман каптады. Жолборс, илбирс, жапайы камандар коңулдарга кирип, жашынып алышты. Алыстан туруп, моюндашып жаткан жырткычтардын башын көрдүм. Бир шойкомдуу нерсени сезгенде, бири-бирине боор тартып турат окшойт. Жайлары турат, өздөрү көрүнбөйт. Күтөйүн десең көп убакытты уурдатасыз...

Зоопарк 1844-жылы Кельн шаарында негизделген. Жан-жаныбарлардын саны 10 миңден ашык, 842 түрү жашайт. Бир күн кечке кыдырып, көрүүгө мүмкүн эмес, жалпы аянты 20 га зоопаркты айланып чыгыңыз... Аны көз менен гана көрбөстөн, жүрөктөн өткөрүп, сиңирүү керек... Башкача аалам,

өзгөчө дүйнө, башка планетага баргандай болосуң... Билбейм, мен абдан толкундандым жаш балача... Бишкекте же Ошто жок дегенде, бир гектарга зоопарк жасай албай жаныбыз жокпу? Кандай гана жан-жаныбарлар, өсүмдүктөрдүн түрү – алар бизде деле бар (немецтерге окшоп, пилдерди Африка мамлекеттеринен алып келбейбиз да...) биздеги жаныбарлар китепте, архивде эле калбай, адамдарга жакын, зоопаркта кармалып, жаш муундун сүйгөн жайына айланса кана... Жамгыр баягыдан да катуулап, алай-дүлөй шатыратып, жерди сабап кирди.

Тигине, фламинголор мойнун койкойтуп, тынчсыздана башташты. Булар өтө кооз куш. Бою 130 см жетет, мойну ичке, узун, ширеңкенин бир талындай арык буттары абдан күчтүү. Бир буту менен туруп уктайт, суктан корголойт, аптаптуу ысыкка да, кышкы ызгаарга да чыдамдуу. Канаты агыш, түп жагы кызыл болуп, күнгө чыкса кубулат, ак менен кызыл айкалышып ажайып көрүнөт. Көпчүлүгүнүн канаты кызгылтым, кызыл, пуштуу келет да, алыстан карасаң кооз гүлдөргө окшошуп, көздү азгырат. Топ-тобу менен койкоюп басышса, көлмө боюндагы жандуу галереядай... Күрөң аюунун ийини (чен) турат, өзү кайда кеткени белгисиз... Аларга кадимкидей табигый шарт жаратышкан, карагайлардан жасалма токойдогу турмушун көчүрүп келгендей... чоң-чоң аркы-терки коюлган устундар менен бат-бат кармашып турушабы, алышып ойнойбу же үстүнө чыгып басып жүрөбү, айтор, 8–10 сотыхтай жерлер, т.а., токой майпаңдагандарга таандык. Бизде же россиялыктарга окшоп зоопаркка баргандар айбанаттарга оокат-аш бергенге катуу тыюу салынган. Жада калса кичинекейлер да мээрими төгүлүп, сүйгөн жа-

ныбары менен колундагысын бөлүшө албайт... Сырттан тамак берүүгө таптакыр мүмкүн эмес деп, ар жерде эскертүү тактайчалары орнотулган. Зоопарктын кызматкерлери ар бир жаныбардын тамак бере турган убактысында (режими жазылып коюлган) келип, тамактандырып кетет. Дагы эсиңизге салгым келет... Табигый шартта кандай тамактанса, так ошондой тамактандырылат. Бүркүткө этти асманга каратып ыргытып берсе, жан-алы калбай учуп жетип, тырмагы менен чеңгелдеп, оозуна кантип салганын өз көзүм менен көрдүм.

## СЕКИРЕ АЛБАГАН КАЙСЫ ЖАНЫБАР?

Эсимде, географиядан сабак берген Алым агай Африка мамлекетти жөнүндө айтып берип жатып, ушинтип сураса, эч кимибиз жооп бере албай койгонбуз. Ошол убакта пилди анча-мынча китептен эле көрбөсөк, бизге келген зоопаркта деле болбоптур... Пилди жакшы көрбөгөн кишини табуу кыйын болуш керек. Жараткандын таберик экзотикалык белеги. Андан калса бизге бейтааныш жаныбар, зоопарктан эле көрбөсөк, атайын Африкага бара албайбыз.

Биздин кичинекейлер үчүн фантастикалык маанилге ээ жаныбарды жанынан көрүп, оозум ачылды. О-хо, чоңдугун айтыңыз, териси тири укмуш... Боюнун бийиктиги 2–4 метр, салмагы 3–7 тоннаны түзсө, Африкадагы Саванн пилдериники 10–12 тоннага жетет. Териси карамтыл, күрөң түстө, таманында май жаздыгы болгондуктан, басканы анча билинбейт. Жүлжүйгөн көзү менен упузун тумшу-

гун карап отура бергиң келет... Сууну аябай жакшы көрүшөт, чылага жатып алып ары-бери оодарылып, каалашынча оонап, жыргайт. Сууда сүзгөндү билет, бир кызык жери туруп алып уктайт.

Илгери-илгери убактарда жер бетинде чычкандар ушунчалык көп болгон экен. Пилдин бутуна жармашып алып, сөөгүн кемирип отуруп, өзүнө уя жасап алыптыр. Ошондон бери чычкандан корккон пил жатып алып эмес, туруп алып уктайт имиш деген сөз бар. Жан дүйнөсүндөгү сезимин, кайгы-кубанычын, жактырар-жактырбасын, ачуусу келип туталанганын, кыскасы, бардык реакциясын (психологиялык маанайын) кыймылы аркылуу билдирип турат. Климаты оор, абдан ысык, экваторго жакын Африка мамлекеттеринде жашагандыктан аларды Малайзия, Таиланд, Кения, Конго, Марокко, Нигерия, Вьетнам, Индонезия, Лаос, Брунее, Судан, Зимбабве сыяктуу бир катар мамлекеттерден келишимдин негизинде сатып алып, Кельндагы зоопаркка алып келишкен. Кайсы өлкөдөн, канчанынчы жылы келген, аты-жөнү, жашы канчада экени бүт жазылган. Адам баласы сыяктуу каттоого алынып, ар бирине өз алдынча мамиле жасалат.

Пил өтө сезимтал, өтө этият, абдан күчтүү, ар кандай катаал шартка көнгөн, айрыкча ачкачылык менен чаңкоого өтө чыдамдуу, гигант денелүү, сезим-туюму жогору өнүккөн интеллективдүү жаныбар. Анын эң коркунучтуу, жаман көргөн душманы жапайы аары, чымын-чиркейлер. Кандай шартта болбосун, алар бир айласын таап чагып, канын соруп алууга ашыгат. Тумшугу менен таякты кармап алып, душманы денесинин кайсы жеринде болбосун уруп-чаап, катыгын бергенге аракеттенет. Эгерде алы жетпей баратса,

жанындагы дагы бир башка пил жардамга келет да канын ичкиси келгендерге аёосуз каршы турушат.

Пилдердин тегин иликтеген окумуштуулардын айтымында, пилдин эки чоң түрү бар. 1-си Саванн пилдери, 2-си Токой пилдери, алардын ДНК ядросун текшерип көрүшсө 1,9 жана 7,1 млн жыл мурда жаралыптыр. Саванн пилдери эбегейсиз чоңдугу менен өзгөчөлөнөт, көбүнчө териси кара түстө, тумшугунун четинде эки оркойгон сөөгү чыгып турат. Африка континентинин бардык аймагынан кездешет. ЮАР, Судан, Сенегал, Гвинея, Кения, Зимбабве өлкөлөрүндөгү үйрөтүлгөн пилдер түнт токойлордо жашаган жапайы пилдерге караганда айыл чарбасында, үй тиричилигинде, талаа жумуштарында бүтүндөй техниканын ролун аткарып калышкан. Ал эми Азиялык (токой) пилдер Африканын токойлорунда күн кечирип, бамбук, токой жемиштери, тропикалык өсүмдүктөр менен азыктанышат. Алар Саванн пилдерине караганда көлөмү кичине, буттары кыска, кулагынын формасы тегерек, денеси чымыр, күрөң, сур, боз жана кара-көк түстө болушат. Булардын түпкү мекени Индия, Кытай, Таиланд, Лаос, Камбодже, Вьетнам, Брунее, Бангладеш, Индонезия мамлекеттери. Эки типтеги пилдердин бөлүнгөнүнө болжолдуу түрдө 5–2 млн жыл мурда болгон дешет палеогенетиктер.

Азыркы учурда Африка мамлекеттериндеги токойлордо, т.а., жапайы жаратылышта 500–600 миңге жакын пилдер калыптыр. Ал эми 3-тиби жөнүндө Чыгыш Африкалык пилдердин келип чыгышы жөнүндөгү так, анык, аргументтүү, далилдүү изилдөөлөр жок эссе.

Африка мамлекеттериндеги токойлордо жашаган пилдерге караганда кара жумушка чегерилген жа-

ныбарлардын эркиндиги жокко эсе. Бир-эки техника жасай турган иштерди алеки саатта пилдер бүтүрүп таштап, адамдын жардамчысы, жакын досу, коргоочусу жана ишенген тоосу. А эгерде адамдардан кандайдыр бир агрессивдүү мамилени сезип калса, душманындай мамиле кылары шексиз... Ошондуктан, климаттык шарты оор, сууга зар, күнүмдүк турмушун кара тер менен өткөргөн африкалыктар азыркыга чейин пилди талаа жумуштарына колдонууга аргасыз. Пилсиз турмушун өткөрө алышпайт. А Индияда адамдар менен кадимкидей аралашып жашагандарды да бар. Пилди ар тараптуу изилдеп, биологиясын, генетикасын, породасын, мүнөзүн, эволюциялык өнүгүшүн иликтеген эл аралык институттар, илимий изилдөө мекемелер менен зоопарктар тыгыз иштешет. Ошондуктан Кельндагы зоопарктагы пилдер Африка мейкиндигинде какыраган чөл, кумдуу бел, чалчык баскан көлмөлөр, кескен жарлуу аймактардагы табигый шартта кандай жашашса, так ошондой шарттарды түзүп беришкен. Тумшугу менен көп нерселерди челип, сүзүп, тоголотуп, ыргытып, кыскасы, кыймыл-аракетинин бардык түрлөрү, жести табигый. Сиздер сүрөттөн көрүп тургандай, гектар-гектар жерлерди пилдердин ааламы ээлеп турат. Ар бир пилдин аты, жашы, жынысы, түрү жана мүнөзү жөнүндө жазылган тактайчалардан таанышa аласыз. Буерде алардын эркиндигине, т.а., өзүн каалагандай алып жүрүшүнө чоң маани берилет. Алардын интимдик жашоосуна, мүнөзүнө, башкалар менен карым-катнашына, үйүрүнө, балдарына жасаган мамилесине жана адеп-ахлагына кылдат байкоо жүргүзүлөт. Зоопарктын кызматкерлери да талаптагыдай билимдүү, ушул экзотикалык жаныбарлар жөнүндө-

гү илимден маалыматы бар кишилер чоң мээрим, зирек кунт менен жакшы мамиле жасоого милдеттендирилген. Адамдын дээрлик көпчүлүгү пилди аябай жакшы көрүшөрүн, айрыкча кичинекейлер жанында айланчыктап, кеткиси келбегенин айтышты. Ал гана эмес, ар кандай позада, көрүнүштө, образдагы пилдин сувенирлери жакшы сатылат.

Сизге зоопарктагы кайсы бир жаныбар абдан жагып калса, ага кам көрүп, аны менен сүйлөшүп, дайыма көрүшүп туруу үчүн зоопаркка материалдык колдоо көрсөтүп, демөөрчү боло аласыз. Немецтер мындай мамилени өтө урматташат. Болгону кайсы жаныбар жагарын айтып, тиешелүү кагаздарды толтуруп, келишимдеги көрсөтүлгөн шарттарды аткарсаңыз, Сизди кучак жайып тосуп алышат. Бүткүл Германиядан, кошуна мамлекеттерден жаныбарларды жанындай көргөн адамдардын саны көп экендиктен, зоопарк ушундай жогорку даражада сакталып, жашап, мени, сизди, аны жана башкаларды кубантып, айбанаттар, флора жана фауна дүйнөсүнүн табышмактуу, ажайып кооз ааламына саякат жасоого мүмкүндүк берет.

## ДАРВИНДИН ТЕОРИЯСЫ ЖОККО ЧЫГАБЫ?

Атактуу зоопарктагы маймылдар жашаган зонадагы климат кудум жапайы токойду элестетет. Адамга окшош макулуктардын теги, тиби жана түрүнө жараша ар кайсы тобунун өзүнө таандык бурчу, «үйү» бар. Алардын жашоосуна ушундай

ыңгайлуу шарттарды түзүп беришкен, эч бир жерде мындагыдай жыргап жашашпаса керек. Секирип ойнош үчүн аркы-терки тартылган аркандар, жатып эс алуусу үчүн «бешик» селкинчек, бактан мөмө терип жесин деп жасалма дарактарды орнотуп, алдына саман төшөлгөн. Жатып уктай турган жери өзүнчө, ойноп тайраңдап секирип, куушуп өздөрүнчө сүйлөшө турган аянтчалары ар башка. Ушунчалык кеңдик, чытырман токойду элестеттим... Торчолорго мыкталган көрнөктөн кайсы континенттен келген, кандай маймылдар жашары да белгилүү. Адамдардай эле аты-жөнү, жашы, туулуп-өскөн жери, жынысы, теги жазылган.

Чыгыш теги, дене түзүлүшү ал гана эмес, көзүнүн карасы да адамга окшош маймылдын күнүмдүк турмушун карап отуруп, бир нерсеге таң калдым. Тили болбогону менен үн (дабыш) чыгаруу аркылуу чапсаң кыймыл-аракетинин негизинде баарын түшүндүрүп-туюндуруп, жашоого өтө ыңгайлашкан маймылдардын мээси бекеринен жогорку даражада өнүкпөсө керек. Кудум адамга окшоп басып-туруп, кубанып же көңүлү чөгүп, бир нерсеге бакырып-чакырып, же олжосун талашып-тартышканы, кыскасы, жашоо үчүн күрөштөгү бүт эмоционалдык ички дүйнөсүндөгү спецификалык үндөрү да адамдыкына окшош. Алар коопсуз жана узак жашоого умтулганы үчүн тынымсыз күрөшүүдөн тажабайт. Көбүнчө токойлордо күн кечиргендиктен бири-бирине алдыда жүз бере турган кооптуу көрүнүш же коркунучтуу окуя жөнүндө өздөрүнө тааныш үндөр аркылуу белги беришет. Мунун өзү эскертүү, алдын-алуу же болбосо ар кандай коркунучтан этияттануу, сактануу дегендик.

Зоопарктын маймылдар бөлүмүнө кире бергениңизде алгачкы болуп катар коюлган шимпанзе менен гориллланын үйүрү (тобу) отурган торчого көзүңүз түшөт. Ургаачы шимпанзе шыптын төбөсүнө курулган секичеде (материалды төрт жагынан керип байлап коюшкан) төшүн жагжайта ачып, баласын эмизип жатса, ылдыйда эркеги башка бир шимпанзенин жүнүн тытмалап, ал жактырбай жатса да болбой жасакерлене, бети-башын аймалап, жаны-алы калбай тийишет. Аларга жанаша турган тордогу денесин кара жүн баскан гориллланын кабак-кашы салаңдап, карагандарды жактырбагандай көзүнүн асты менен жекире тиктегенсийт... Горилла эмоциясын бат эле билдирип коёт. Өгүздөй денесин типтик кылып кекейгенде, жөн жерден какайбаганын билсе болот. Өтө сезгич келгендиктен, сезим-туюму, интуициясы жогору, кээде жинине тийсеңиз агрессивдүү, кол салгандан кайра тартпайт. Бою 1,80–2,0 метр, колу менен буту өтө өнүккөн, бардыгына ыңгайлашкан, экөөнүн күчү таң каларлыктай чымыр, чыдамдуу, ар нерсеге эптүү, тарамыштай түйүлгөн катуу жана күчтүү экени баскан-турганынан таасын байкалат. Маймылдардын бул түрлөрү Батыш жана Борбордук Африканын экваторундагы токойлорунан Сенегал, Гвинея, Ангола, Чад, Конго жана башка мамлекеттерден алынып келинген.

Эгерде токойдо жолборс же башка жырткыч келатса, маймылдар тынымсыз (ритмикалык чагуу) бирдеме чагат, уулуу жылан же башка питондор сойлоп баратса, тез-тез ышкырышат, асманда жырткыч канаттуулар учуп жүрсө, айрым бир үндөрү менен белги берип, коопсуздукту алдын алат. Булардагы үн аркылуу белги берүүнүн дагы бир фактысына адамдар

абдан таң калышкан. Токойдо ууга бараткан куралчан киши менен куралсыз, жөн-жай бараткан адамды айырмалап, өздөрүнө таандык лексиконундагы тыбыштык белгилер аркылуу түшүндүрүшкөн. Күн күркүрөп, чагылган чартылдап, алай-дүлөй болордо же коркунучтуу жырткыч канаттуулар же жаныбарлар токойго жакындап келатканда, күн мурунтан белги берип, бири-бирине кабарлашкан. Мына ушундай өздөрүнө таандык үн менен мамилелешүү, дабыш аркылуу ички сезимдерин билдирүү, мимика менен жестикуляциясынын адаптациясынын жогорку баскычка көтөрүлүшү, бири-бири менен сүйлөшүүсү жогорку даражада өнүккөндүктөн, ал тургай америкалык окумуштуу Г. В. Гершуни маймылдардын үнүндөгү көпчүлүк элементтер адамдын сүйлөө кебиндеги элементтер менен дал келерин аныктаган. Маймылдар негизинен эки группага – узун мурундуулар (Борбордук жана Түштүк Америкада) жана кыска мурундуулар (Түштүк-Чыгыш Азияда) болуп экиге бөлүнөт. Баш сөөгү, тиштери адамдыкына окшош, узун мурундууларда – 36, кыска мурундууларда – 32 тиш бар. Булардын түрлөрү көп, алар жашоо шартына ыңгайлашып, жерде эмне өссө ылгабай жей бере турган (өсүмдүктөрдүн бардык түрүн: манго, банан, какос, балык, малюскаларды, жерде сойлоп жүргөн кескелдирик, коңуз, чегиртке ж.б.), татаал жүрүш-турушу менен айырмаланган, мээси жогорку даражада өнүккөндүгү үчүн колго үйрөткөнгө жеңил, адеп-ахлактуу, циркте дрессировкалоого оңой, өнөрдү тез үйрөнгөн, адамга жакын, өзүңүздөргө белгилүү болгондой космоско да учуп барып келген.

Маймылдарга бөлүнгөн аянттын узун-туурасы канча экенин биле албадым. Анткени алардын түр-

түрү, топ-тобу менен өзүнчө даярдалган торлордо («үйлөрдө») кармашат. Макак менен орангутан гориллага караганда жай, тынч мүнөздүү, момунчалыш келишет. Ал эми жаны жай албаган, тынымсыз сүйлөп, каткырып күлгөн, жулмалашып-тытышкан, ызы-чууга жакын мартышкалар менен капуциндерде тынчтык деген болбойт. Зоопарктын кызматкерлери тамактандырган учурда булардан өткөн бактылууну табуу кыйын. Бактан бакка атайын орнотулган тактайлар, дарактарга тартылган жиптер, ар кандай узундуктагы аркандар аркылуу секирип, учуп чыгып, учуп киришет... Бир башкача үн салып кубанганын, бирин бири чакырып, бири-бирине жан тартып достошконун же таарынышканын, болбой баратса урушуп, тытышканын да билдире алышат.

Маймылдардын ревун, мартышка, гиббон, гамадрил, капуцин жана башка бир канча түрлөрү бар. Эң эле кичинекей маймылдын салмагы 150 гр. болсо, эң чоң горилланыкы 250–275 кг жетет. Айрымдарынын куйругу узун, айрымдарыныкы кыска, адамга окшошторунда жок. Чейрек кылым жашагандары да бар, көпчүлүгү 30–40 жыл өмүр сүрүшөт. Булардын жашоо арсеналы кеңири, тактап айтканда, Европанын бардык континенттеринде, Азиянын Түштүк-Чыгышында, Аравия өлкөсүнүн жарым аралында (Кытай, Япония ж.б.), Африка мамлекеттеринде (Мадагаскардан башкасында) жашайт.

Маймылдар Кельндагы зоопаркта адамдар тамаша кылыш үчүн эле кармалбайт, илимий-изилдөө иштерине, лабораториялык сыноо-көзөмөл жүргүзүүгө жана ар кандай ачылыштардын алдындагы тажрыйба объектиси катары колдонулат. Маймылдардын бир артыкчылыгы башка жандыктарга кара-

ганда колго тез көнөт, үйрөнөт, айтканды айткандай аткарып, адамдар сыяктуу ички дүйнөсүндөгү сезимдерин билдире алышат. Зоопарктын кызматкерлеринин айтуусуна караганда маймылдар ызы-чуулуу, шатыра-шатман турмушта жашап, башка жан-жаныбарлар менен тынчтыкта жардамдашууга ынтызарлык, достук мамиледе, мээримдүү маанайда болууну каалашат. Башкаларга озунуп сес көрсөтүп, одоно кыймыл-аракети менен тийиштик кылбайт, кол салбайт, өзүнчө урунуп-беринип догурунбайт. Коллективдүү мамилеге, жамааттык ынтымакка ыктап турушат.

## ООР САЛМАКТУУ, ОЛДОКСОН, АЗГЫРМАЛУУ «ГИГАНТТАР»

Зоологиялык паркта эбегейсиз чоң, гигант азиялык носорогдордун ар бирин өзүнчө капаста кармашат. Аларга да пилдердикинен кем калбаган аянт бөлүнгөн. Алардын сырткы көрүнүшү аябагандай чоңдугу, алп денесинин боз-кызгылт түсүнүн кат-кат бырыштары таңгакталып, таштай катып калгансыганынан анын канчалык калыңдыгын, өңүн байкоо да кыйын. Анын үстүнө дайыма ылай сууда, чылада оонап жаткандыктан, кирден мокочого айланып кеткенсийт. Бул жаныбардын өзүнүн коргоо, алдын-ала сактануу инстинкти абдан өөрчүгөн, кокустан өзүнүн жашоосуна коркунуч туулуп калса же душманынан (айрыкча арстандан) качканда саатына 40 км чуркайт. Чоңдорунун салмагы 1,5–2 тонна жетет, кичинелериники да көлөмүнө жараша болот. Постектин

тешигиндей кипкичине көздөрү жүлжүйүп, бирдемеге таарынгандай, же уйкусурап жаткандай сезимин билүүгө болбойт. Тумшугундагы жалгыз учтуу мүйүзү 50–60 см, бутунда үчтөн гана өтө кубаттуу тырмагы болот. Булар көбүнчө суудагы өсүмдүктөр, тростниктин жалбырагы, өзү сүйгөн дарактары менен тамактангандыктан, айтайын жогорудагы дарактардын бутактарын сүйрөп келип алдына таштап коюшат. Булардын көбөйүшү алар жашаган чөйрөгө, коопсуздугуна жараша болору айкын. Ар бир жарым айдан кийин булардын үйүгүшү башталып, ургаачысы үч-төрт жашында, ал эми эркеги жети-тогуз жашында көбөйүү процессине катышат. 16,5 айдан кийин мүйүзү жок, салмагы 65 кг жогору балдары туулат. Носорогдор Пакистан, Чыгыш Индия, Непал ж.б. мамлекеттерден алынып келинген.

Өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн сууда өткөргөн бегемоту жакшылап карап алууга мүмкүн эместей... Аны тумшугунун кеңдигин айтпаңыз, чалкыган талаадай, алдыңкы бөлүгүн майда карамтыл көзөнөкчө каптаган. Денесинин түзүлүшү да кызык, курсагы челкейген бочкадай, буттары кыска, басканда курсагы жерге тийип-тийбей турат. Мойну ушунчалык кыска, көзү үңүрөйгөн, кирпигинин ордун кызыл эт каптаган, кулагы ушунчалык кичинекей болгону менен таптакыр тынымы жок. Сууда кадимкидей дем алып, эки жагын карап, дабыштарды уга алат. Булардын мекени Түндүк Африка, Египет, Марокко, Алжир жана Жакынкы Чыгыш (өтө аз кездешкен өлкө) мамлекеттери болгондуктан, жапайы токойлордо буларга кол салган эки буттуу эле адамдар. Анткени булардын эти биз кой менен уйдун этин канчалык көп жесек, африкалыктарда (Кедей мам-

лекеттерде жокчулук, ачарчылыктан массалык түрдө кол салынарын басылмалар көп жазышпадыбы) бегемоттун этин кадимкидей тамак-ашка кеңири колдонушат. Ал эми териси, мүйүзү, тырмагы, тишинин баалуулугун, базарда эбегейсиз чоң акчага бааланарын баары эле билет.

Кызыл китепке киргизилген биздин Кыргызстандагы сейрек кездешкен, чанда жаралган, жылдан-жылга тукуму азайып бара жаткан уникалдуу жапайы жаныбарлар – кайберен, бугу, марал, аюу, жолборс, ак илбирс, тоо текеси; куштардан – бүркүт, шумкар, жору, кулалы, улар, үкү жана башка ушул сыяктуу айбанаттардын коргоо жана сактоо боюнча мыйзамдар жазылганы менен аларды жашыруун түрдө атып алып, чет өлкөлөргө кызылдай «бизнес» кылган эргулдардын канчасы колго түшкөнүн, кармалганын уккан жан барбы? Акыркы кезде кекилик менен бөдөнөнүн этин тооктун этиндей массалык түрдө Оштун, Бишкектин ж. б шаарлардын тамактануучу жайлары ачыктан-ачык деликатес катары пайдаланууга өттү. Ушундай темпте кетсе, булардын тукуму курут болбойт деп ким кепилдик берет? Малга тийди деген шылтоо менен карышкырларды атып жоготууга атайын буйрук, мыйзамдар бар. Алардын жашаган чөлкөмдөрүн корукка алып, атайын илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп, жапайы зоологиялык парк катары сактоого эмнеге болбосун?

Зоопарктын ылдый тарабында тосмого алынган аянттан койкойгон мойну узундан-узун жирафтарды жолуктурдук. Анын ургаачысынын мойнунун узундугу 5,5–6 метрге жетип, салмагы бир тоннадан ашат. Үйүрү менен жүргөнүнө караганда бир үй-бүлө болуш керек. Денесиндеги, терисиндеги ак

сызыктары көлөмүнүн ар түрдүүлүгүнө, ар кандай жайгашканына карабай, атайылап саймалап чыккандай кооз, сулуу, сүйкүмдүү.

Ар бир жираф индивидуалдуу жаныбар катары терисинин бири-бириникине окшошпостугу, айырмачылыгы, артыкчылыгы менен кудум ар башка адамдын манжасынын изиндей экен. Анын тили ушунчалык узун жана бүдүрлүү болгондуктан, ийне жалбырактуу дарактардын майда жалбырагын да алып жегенге ыйкемдүү. Кулагы кыска, бирок өтө сезимтал. Көздөрү коймолжуган кара, коюу, узун тикчийген кирпиктери аларды жылдыздуу, ажарлуу көрсөтөт. Алардын көрүү, угуу сезими өтө курч болгондуктан, бир километр аралыктагыны дароо, даана байкайт, бул анын алдын-ала боло турган коркунучтуу же душманын көрүп-билүүгө, сезүүгө чакырат. Оттоп баратканда жай басканы менен чурканда саатына 50–55 км оңой эле басып өтөт. Алар балчык баскан, саздуу аймактардан өтө чочушат, дарыя, көлдүн сууларынан да этияттанышат. Жирафтардын түпкү мекени Түштүк жана Чыгыш Африка мамлекетинин көз талыткан саванналары. Бул уникалдуу, өзгөчө жаралган сулуу, көркөм жаныбарды биздин кичинекейлеребиз телевизордон эле көрүп чоңоюп жатышканы өкүндүрөт.

Бизде кышында жашылча өстүргөн күнөскана сыяктуу жайлар бар эмеспи. Так ошондой формадагы кудум какыраган чөлдүн кургак, таштактуу, асканын коңулундай, дөбө-дөңсөөлүү, уңкул-чуңкул, жардын жаракасындай атайын кол менен жасалган ойдуңдарда кебете-кешпири, көрүнүшү, бөлүнүшү боюнча кескин айырмаланган алдына чоң-майда таш, чөлдүн куму төшөлгөн жерлерде кескелдирик-

тин канчалаган түрлөрү өз-өзүнчө кармалат. Бир карасаңыз денени дүрт эттирген сезим үшүткөнү менен курч тырмактуу манжасы кыска, куйругу узун, терисинин өңү түрлүү түстөгү сойлоп жүрүүчүлөрдүн жанында көпкө тура албадым....

Эми абдан кызыктуу уча албаганы менен сууда укмуш сүзгөн деңиз канаттуулары пингвиндердин алдына келгенде көзүңүз кубанычтан жалжылдап кетет. Айрыкча балдардын сүйгөн канаттуу жаныбары, бир-эки сааттай алдынан кетпей туруп алышат экен. Анан калса аларга жасаган жайды көрсөңүз деңиздин жээгинин бир бөлүгүн көчүрүп келгенби дейсиз. Чын эле ошондой. Антарктикалык муз океанынын жээгинде жүргөндөй болосуз.... Жалаң балык жана деңиздеги майда жандыктар менен тамактанышкан канаттуулардын бүгүнкү күндө 18ден ашык түрү бар. Алар көбөйүү мезгилинде тамактан таптакыр баш тартканы кызык. Адели тукумундагылар бир ай бою, ал эми императордун ургаачылары 3,5 айга чейин тамактанбай, мурдатан топтогон майларынын запасын, денесинин жарым массасын жоготуп, арып-азып арыктаганына кайыл болуп, таң каларлык чыдамкайлык, ушунчалык сабырдуулук менен ургаачы-эркеги алмак-салмак жумурткасын басып чыгарышат. Алар негизинен деңиздин суусун ичкендиктен, ашыкча туздар көзүнүн алдында жайгашкан атайын көзөнөкчөдөн чыгып турат. Пингвиндер балдары үчүн адамдардай эле кам көрөт, ушунчалык шамдагайлык менен балыктарды оңой эле кармап алып, биринчи кезекте жаш, али тажрыйбасыз балдарын тойгузушат. Сырткы көрүнүшү да жагымдуу, келбети да сүйкүмдүү, адам баласына абдан жагым-

дуу аура, жарык маанай тартуулаган канаттуулардын майпаңдап басып бараткандынан, койкоюп боюн түз кармап турганынан же болбосо балдарына илинип, бирдемени айткысы келген, кыскасы, тулкусундагы ар бир кыймыл-аракетинен алардын ата-энелик табигый сезимдери байкалат.

Албетте, биз зоопарктагы ар бир жан-жаныбарга токтолуп отура албайбыз да... Мени асманда учуп жүргөн бүркүт, жору, кузгун, сууда жашаган көк кытан, жапайы өрдөк-каздардын, көпөлөктөр менен куштардын сан миң түрлөрү абдан таасирлентти. Өмүрүмдө бир да жолу көрбөгөн (канчасынын атын да билбейм...) жан-жаныбарлар менен таанышуу бактысына шүгүрчүлүк келтирдим. Германияда табиятты коргоо, сактоо, өстүрүү-өнүктүрүү боюнча атайын мекеме-уюмдар иштейт. Айрыкча жаштар жапайы жаратылыштын ээлерин, табияттын сейрек кездешкен баалуулуктарын атууга, сатууга, азайтууга, ээзип-кыйноого же арамза ой менен бүлүндүрүүгө жеке кызыкчылык үчүн соодалап, кызылдай акча табууга, бизнес жасоого каршы акцияларды тез-тез өткөрүп турушат. Эң эле жөнөкөй көрүнүш. Кимдир бирөө уруксатсыз огородуна от жакса, кошунасы дароо полицияны чакырып, териштирүү башталат. Ал гана эмес, токойго от жагуу деген алардын оюна да келбейт, куураган же урап түшкөн арча, кайың, декоративдүү дарактарга, анын бутактарына тийбейт, алар табигый түрдө чирип, топурактын азыктуулугун көбөйтүү үчүн табылгыс нерсе.



Рейн – соода-экономикалык, транспорт-энергетикалык байланыштын жана технологиялык интеграциянын артериясы.




Рейн жээгиндеги телемунара.



Атактуу Рейн дарыясынын жээгинде.



Вупперталдагы 20 метр бийиктиктеги темир жол.




Вуппертал жашыл шаар.



Вуппертaлдагы театр.



Вуппер дарыясы.



Немецтердин короо-жайы.



Граф Бергинскийдин айкели.



Кебелбеген Кельн мунарасы.



Шулосбургдагы тарыхый чеп.



Чылгый таштан курулган сепил.



Брюггедеги муз скульптурасынын жанында.



Бонн шаарындагы чынар теректердин аллеясы.



«Опсуз амалкөй Варваранын» айкели.



Кельндагы зоопарктан көрүнүш.



Кулагы кыска, бирок сезимтал жирафтар.



Сезимди үшүткөн крокодилдер.



Тюлендер.



Пингвиндер.



Капастагы носорог.




Бегемоттор.




Кооз фламинголор.



Пилдерге көрүлгөн камкордук.



Тынчы жок гориллалар.



Кара илегилектер.



Кенебеген жаныбар – зебра.




Бонгассе көчөсүндөгү театр.



Бетховендин үй-музейинин сырткы көрүнүшү.





Бетховендин бюсту.




Бетховендин үй-музейи.



Бетховендин үй-музейинин короосундагы анын замандаш композиторлоруна тургузулган айкелдер.



Ренессанс стилиндеги сепил.

# ЖҮРӨГҮМДҮ ӨЙҮГӨН БАШКАТЫРМА

Германияда мени көп маселелер ойго салды. Биз эмнеге эң жакыр мамлекеттердин катарында калдык. Союз бузулгандан бери эркин болдук деп төбөбүз көккө жеткендей болуп кубандык. Отуз жылдай убакыт өтсө да, оң жагына болгон өзгөрүүлөр эшекке чегилген эски арабадай араң кыбырайт... Бийлик алмашкан сайын жакшы үмүт жанданат, мөөнөтү бүткөндө Пушкиндин жомогундагы тепшисин кучактап отуруп калган кемпирдин абалында калабыз. Көрсө, баары аң-сезимдин деңгээлине, мыйзамдуулукка жана тартипке байланышат экен. Германияда «кагаз бюрократиясы» өтө күчтүү, сөзгө ишенбейт, кагазга ишенет. Бардык кыбыр эткен тиричиликке кадым тартип, кыскасы, жашоого байланышкан бардык эрежелер мыйзамдын негизинде гана жүргүзүлөт. Элестүү айтканда, адамды мыйзамдын желелери менен чырмап таштаган... Ошол желени үзүп, кыркып чыгып кете албайсың, ага акың да жок. Термин деген нерсе бар, дарыгерге, социалдык тармактарга, коммуналдык кызматтарга кай тарапка жеке маселеңиз менен барсаңыз, алдын-ала жазылып, кайсы күнү, кайсы убакытта барышыңыз маалымдалат. Эч нерсени, эч качан тааныш-билиштикке салып алалбайсың, мүмкүн эмес. Капыстан ооруп калып, тааныш врачка барып көрүнсөңүз, анын терминине жазылбаган болсоңуз, эртеси врач жумуштан *айдалат. Германиядагы* мыйзамдар жалпы элдин кызыкчылыгына гана багытталган. Буларда жогорку билимдүүлөр, техника менен технологиянын атасын тааныткан адистиктер өтө жогору бааланат. Мисалы, инженер, технолог,

программист, куруучу, айыл чарба адистери, дарыгерлер ж.б. Мугалимдер коомдо өзгөчө статуска ээ. Дарыгер, мугалим, полициянын кадыр-баркы, статусу мамлекет тарабынан корголот. Бир университетте иштеген катардагы окутуучу же профессор ишмердүүлүгүн иштеп акча табуу үчүн эмес, статусун, кадыр-баркын кармап калыш үчүн иштейт. Анткени анын кандай сабак бергенин студенттер анонимдүү (жашыруун) баалоо менен аныктап коюшат. Лекцияга бардыңбы-барбадыңбы эч ким текшербейт, а бирок окуу процесси аябагандай чоң эмгекти, окууну, изденүүнү талап кылган стресс. Сынакта бизге окшоп компьютерден көчүрүп алмай жок, кеминде ондогон илимий адабияттарды окуп, кайсы окумуштуулардын оюн алганыңызга шилтеме бергенге милдеттүүсүз. Биздегидей курстук иш жазганда компьютерден көчүрүп алуу, же дипломдук ишти окуучудан сатып алуу деген түшүнүк жок. Студент дипломдук ишинин темасын тандап, болжолдуу планын түзгөндөн кийин гана жетекчисине бара алат. Жазып бүткөндөн кийин аны «антиплагиатка» салып текшеришет. Өзү жаздыбы же бирөөнүн эмгегин уурдап алдыбы дароо билинет. Бир предметтен тапшыра албасаң, үч жолу тапшырганга уруксат берилет. *Үчүнчүсүндө да тапшыра албасаң, университеттен* кол жууйсуң. Германиядагы бардык окуу жайларына сиз жөнүндөгү (окууга жөндөмсүз деген) маалымат жөнөтүлөт да башкадан кайра тапшырууга укугуңуз жок... Эми биздин окуу жайлары менен салыштырыңыз. Студенттин журналда аты жазылуу, өзүн көргөнгө зар болосуң. Мамлекеттик экзаменге жакын бир келип коёт, ошону менен бүттү, дипломун колго алат. Кайсы жылы кандай факультетти, адистиги эмне де-

ген, кимдер менен окуганын билбеген бүтүрүүчүлөр, болгондо да аттуу-баштуу университеттин дипломун алгандар аныкталбадыбы. Окуунун кадыры ушунчалык түштү, билим ушунчалык тебеленди, окутуучу менен студент соодалашкан өзүнчө бизнеске айланганы өкүндүрөт. Бирок ушунун кесепетин, жасалма дипломдордун азабын тартып жатканыбызды моюнга алабызбы?..

## САЛЫКТАН ЭЧ КИМ ЭЧ ЖАККА КАЧЫП КУТУЛБАЙТ...

Мамлекеттин казынасын толтурган салык системасы аябагандай терең жана кылдат иштелип чыккан Германияда. Өлкөнүн өнүгүшүнө тирек болуп турган салык саясатынан эле жарандардын социалдык абалы, коомдогу статусу айкындалып турат. Бул тармактын адиси эмес экенимди эсиңизден чыгарбаңыз, андыктан жөнөкөй, жалпак тил менен айтып берейин...

2016-жылы Германияда 239 миллиард евро (1евро 78,79,80 сомду түздү быйыл...) салык топтолгон. Салык төлөгөндөр кайсы жерде (16 чоң жерге бөлүнөт, мисалы, Ош облусу сыяктуу) жашаса, ошого жараша мамлекеттик кызматта иштегендер менен жеке ишкерлердин салыгы кескин айырмаланат. Аз иштесе, аз салык, көп иштесе көп салык төлөйт. Эгерде мамлекеттик кызматта, мекеме-уюмдарда иштегендердин айлыгынан иш берүүчү камсыздоо төлөмдөрү; пенсияга, ооруп калганда, ишин жоготсо, иштен кеткенде төлөнүүчү төлөмдөрдү алып коёт. Дагы бир Кон-

ституцияда жазылбаган (убактылуу) тилектештик салыгы да бар. Сиздин кабарыңыз бар, мурунку Германия ФРГ жана ГДР деген эки мамлекеттен турган. Кийин бириккенден кийин ГДР өнүктүрүү максатында социалдык-маданий объектилерди курууга, инфраструктураны жакшыртуу багытындагы долбоорлорго төлөнөт. Ошондуктан Германия тегиз, бир кылка өнүгүүгө багыт алып, жылдан-жылга өсүп-өнүгүп жатат.

А бизде Ош менен Баткендин, Жалал-Абад менен Лейлектин, Нарын менен Ысык-Көлдүн, кыскасы, айыл-кыштактарды, айыл аймактарын, четки чегара зоналарын салыштырып болбойт. Эмне үчүн баткендиктер, лейлектиктер борборго барууга, көчүп кетүүгө аргасыз болушууда? Социалдык инфраструктуранын жоктугу, жердин тартыштыгы, суу, жумушсуздук, жарыбаган эмгек акы (бюджеттик мекемелерде) маданий-социалдык шарттардын жоктугу коңшу мамлекеттердин жарандары менен болгон жер, суу, жайыттар боюнча талаш-тартыш маселеси өтө курч болгондуктан, борборду көздөй агылууда. Ички миграциянын себептерин изилдеп-анализдеп, ошого жараша иш алып баруу маселеси дың бойдон турат.

Германияда жарандар салыкты төлөөдө 5 категорияга бөлүнөт. Бойдок же үйлөнбөсө көбүрөөк салык төлөйт. Үйлөнсө салыгы азаят, балалуу болсо, ар бир балага мамлекет кошумча акча берет.

Оо, жеке ишкерлер, байлар, миллионер, миллиардерлер аябагандай чоң суммадагы салык төлөшөт. Канчалык көп тапса, ошончолук көп төлөшөт. 2007-жылы байларга дагы көбүрөөк төлөсүн деген мыйзам киргизилген. Миллионерлердин чекеси бекеринен тырышат дейсизби... Ошонун эсебинен жардылар,

социалдык корголууга муктаж болгон катмар, оорулуулар, майыптар, тентимиштер, ата-энесиз балдар (категориясы көп) ардагерлерге жашоого ыңгайлуу бардык шарттар түзүлгөн. Алар эч нерседен өксүбөй, теңата жашоого укуктуу деп эсептейт мамлекеттин өзү. Биздеги байлар айрыкча чоң кызматтагы мамлекеттик чиновниктер жаккан светине, газына, суусуна, майда-барат жеке керектөөсүнө (канчалаган чиновниктердин фирма, акционердик коомдор, жоопкерчилиги чектелген менчик ишканалары салыкты жашырып, эки эсепканасы бар экени жалганбы?) салык төлөмөк турмак, жеген тамагы бирөөлөрдүн эсебинен экенин жашырабызбы... Акыркы жылдагы коррупциянын крокодилдерин өзүңүз көрдүңүз...

## «БААРЫ БИРӨӨ ҮЧҮН, БИРӨӨ БААРЫ ҮЧҮН»

Мындай принцип Германиядагы медициналык камсыздоо системасы бардык жарандар үчүн милдеттүү. Акчалуу байлар жеке менчик медициналык камсыздоону тандашат. Алар жыл бою белгилүү өлчөмдө тапканына жараша компанияга акча төлөп турушат. Эгерде ооруп калса, менчик компаниянын кызматкерлери дарылап айыктырат, анын баасы канча эсептелсе, ошол сумманы медициналык мекемеге же кызматкердин колуна карматат. Андыктан, алардын кызыкчылыгы абдан жогору, өтө жогорку деңгээлде дарылашат. Ал эми мамлекеттик милдеттүү медициналык камсыздандырууда жарандар ай сайын айлыгынан төлөп турушат.

Ооруйбу, оорубайбы баары төлөөгө акылуу. Эгер ооруп калса, эч кандай акы төлөбөстөн дарыланып чыгышат. Стационарга, ооруканаларга болгону канча күн жатса, жарыбаган сумманы гана төлөшөт. Акысыз дарыланууга мүмкүнчүлүгү бар категорияларга жеңилдиктер арбын. Ал эми башка мамлекеттерден келген бейтаптарга чоң суммадагы каражат төлөнөт, өтө кымбат. Операциялардын оор-жеңилине жараша наркы эсептелет. Ал гана эмес, Германияга барган туристтер, меймандар, гастарбайтерлер, кыскасы, башка өлкөнүн жарандары да медициналык камсыздоого чоң эле сумма төлөшөт. Капыстан кырсыкка кабылып жаракат алса, же бирдемеден ууланып калса, кечиктирилгис медициналык жардамды ала алышат. Андайда Куткаруу кызматы менен ууланганда ыкчам жардам көрсөтүү кызматтары иштейт. Буларга да чоң суммадагы акча төлөнөт. Ошондуктан, медициналык жардам алуунун эрежелерин сурап-билип алуучу атайын кызматтар иштейт. Дарыканадан рецептсиз баш оорунун да дарысын сатып алалбайсыз. Бир гана врачтын колу, мөөрү басылган кагазысыз дарыканалар тейлебейт. Немец жарандарынын балдары үчүн дары-дармектер 18 жашка чейин акысыз. Эми биздеги дарыканалар жана медициналык жардамды элестете бериңиз... Ооруканага барсаңыз, дарыгерлер колуңду карап турушат. Медициналык жеңилдиктер мыйзамда жазылгандай көрсөтүлөт деп эч ким кепилдик бербейт.

Немецтер аябагандай иштерман, мээнеткеч, убакытка сараң келишет. Бир жылдык жашоосунун жадыбалын (эмне иш бүтүрөт, каякка барып саякаттайт, туулган күндөрдө ж.б.) кварталдык, сезондук, жылдык пландарын күн тартибине киргизип, көз

көрүнө илип коюшат. Үйүн же дачасын ремонттосо, компьютерге карап өзү жасайт, өз колу, өз эмгеги менен бүтүрөт. Анткени кол менен жасалган курулуш иштеринин, кол эмгеги менен бүткөн турмуш-тиричилик буюмдарын оңдоо, ремонттоо жумуштарынын наркы өтө кымбат. Үйдө жумуш жөнүндө, жумушта үйдүн көйгөйү жөнүндө эч качан сүйлөшүшпөйт. Саясат жөнүндө сүйлөгөндү да жактырбайт. Бирдеме айтсаң, дароо компьютерден текшерип көрүшөт. Фактысыз, аргументтерсиз маалыматтарды бергенден чочуйсуң... Ооз көптүрүп, ойкелди соктурмай жок. Мактанганды өлгөндөй жаман көрүшөт. Мааракe, юбилейлерде бизге окшоп, 300–500 киши чакырмай жок. Көкөлөтө мактап, юбилярды же кеченин «күнөөкөрүн» жерге-сууга түшүрбөй, кооз сөздөр менен ыксыз кооздосоңуз, апыртып мактасаңыз өздөрүн ыңгайсыз сезип, жасакерленүү же кошоматчылык катары кабылдайт. Бизде мактап асманга чыгарып туруп, шатыны алып коюшат эмеспи... Мактоого манчыркаган киши «чын эле мен ушундай окшойм» деп, оозу кулагына жетип, мартабасы эки эсе көтөрүлгөнсүп калат...

Билем, сиздер дагы бир нерсеге кызыгып турасыздар. Немецтерге... Германия өнүккөн, дүйнө жүзүндөгү бай мамлекеттердин катарында. Анын баарын майдалап айтып, сиздер менен бөлүшөм буюрса. Биздин Кыргызстан да качандыр бир кезде ушундай даражага жетет деп ишенем, мен көрбөсөм да балдарым, небере-чеберелеримдин көрүшүн каалайм, тилек кылам....

Немецтерде бардыгынын өз эрежеси, тартиби бар. Убакытка бычактын мизине такагандай так, үнөмдүү, сарамжал жана пунктуалдуу. Кечиккенди

эч жактырышпайт, беш мүнөт эрте барууну сый катары көрүшөт. Кала берсе жолдо жүргөндө сол менен оң тараптагылар бири-бирине жолтоо болбош керек, түртүп кетүү, урушуу, сөгүнүү, жол талашуу, жолдон кач деп, буйрук берүү буларга таптакыр жат. Жолдо бири-бирине карама-каршы баратышса да, ал кимдир бирөөгө тоскоол болбодумбу деген ойдо болгонсуйт... Мүнөт сайын ыракмат айтып, тез-тез биз маани бербеген нерселерге кечирим сурап турушат. Кайда барбаңыз биринчи салам айтып, жылмайып тосуп алышат. Насилинде булар сабырдуу, эмоциясын билдирбеген, тымпыйып ичимен тап дегизген бир сырдуу, кем сөз, комплементти абдан ойлонуп айткан, өзү менен өзү болгон индивидуалдуу, интеллективдүү эл. Эмелеки саатта эле баскан-турганыңыздан маданиятыңызды байкап коюшат. Бизге окшоп ушак-айың айтышпайт, бирөөнүн жеке ишине, турмушуна (бир тууганы болсо да) кийлигишпейт. Буларда жаатташуу, коллективизм деген жок. Индивидуализм өнүккөн. Гендерлик теңчилик деген турмушунда колдонулат. Үй тиричилигинде аял же эркектин иши, милдети деген түшүнүк жок. Мыйзамдуу каттоодон өтүп, үйлөнбөй туруп жарандык никеде жашагандар бар. Көп жыл бирге жашап, *бири-бирине түшүнүп, бирин бири толуктап*, руханий жактан байытып турса, жаш курагына карабай карыганда деле үйлөнгөндөр кездешет. Никелешүү күбөлүгүн жөн гана кагаз, формалдуу нерсе катары карагандар бар. Үй-бүлөнү курууда эки жаш баарын сүйлөшүп, пландаштырып, нике келишимин толтуруп, канча балалуу болууну каалашат. Эгерде кимиси көбүрөөк маяна тапса, ал иштеп, аялы же эркеги көбүрөөк убактысын бала тарбиялоого коро-

тот. Аларда улутуна, расасына, кебете-кешпирине, мындайча айтканда, социалдык абалына, сулуулугуна (албетте, баары эмес) карап мамиле жасоо деген жок. Сүйүү сезимин өтө жогору баалашат, албетте көпчүлүгү. Биздегидей эсеп-кысап менен социалдык жагдайына, коомдогу абалына, ата-энесинин статусуна карап турмуш кургандар деле болуш керек.

Бала тарбиялоого чоң маани беришет. Жаш кезинен баштап спортко, ар кандай өнөр үйрөтө турган кружокторго (бий, музыка, ыр, лыжа тебүү, сууда сүзүү, атка минүү ж.б.) алып барышат. Үй-бүлөнүн тапкан кирешесинин эң чоң бөлүгү баланын тарбиясына, интеллектисинин өсүшүнө жумшалат. Биздегидей, бала өзү эле чоңоё берет деген түшүнүк жок. Бала менен теңата, гумандуу, мээримдүү, толеранттуу мамиледе болушат. Алар эмнени жакшы көрөт, кызыгат, эмнеге жөндөмдүү, кимдер менен сүйлөшөт, эмнелерди жактырбайт, кыскасы, баланы ар тараптан окуп-үйрөнүшөт. Баланын жан дүйнөсүнөн биротоло орун алганга умтулушат. Баланы уруп-токмоктогонго, жаман сөз айтып мазактаганга эч кимдин акысы жок деп эсептешет. Эгерде жаман жоругу болсо же кылмыш жасаса, анын себептерин издей башташат... Баланы уруп-токмоктосо, дароо полиция келип алып кетет да, кылдат териштирип, конфиликттин келип чыгуу негиздерин изилдеп-анализдеп (атайын мамлекеттик социалдык органдар бар) чара көрөт, ата-энесин жоопко тартат же ата-энелик укуктан ажыратат. Бала өзү каалабаса (өзгөлөр эмес), өз ата-энесинин өөп-жыттаганга акысы жок. Эң эле жөнөкөй бир мисал, эгер бала үйдөн китеп баштыгына салып берген май токоч же пирожкисин жебесе, «жедим» деп калп айтып койсо, дароо

психологго кайрылышат. Баланын калп айтканына, апыртып сүйлөгөнүнө, өзүнчө жүрүп балдарга кошулбай басмырт болсо, жан-жаныбарларга этиятсыздык менен мамиле жасаса, аларды уруп-согуп кыйнаса, коомдук этикага сыйбаган жүрүш-турушуна өтө тынчсыздануу менен мамиле жасашат. Мени баарынан таң калтырганы, балдар ата-энелери менен чогуу көрө турган концерт, драмалык спектаклдердин тез-тез коюлуп турушу, алар үчүн атайын балдар театрлары иштеп, репертуарларын мезгилдин талабына жараша жаңыртып турганы болду. Келиңиз эмесе, Вупп採талдын театрынан белгилүү немец драматургу Томи Унгерердин үй-бүлөлүк «Үч каракчы» деген пьесасын чогуу көрөлү…

## СҮЙҮҮСҮЗ СҮЙҮҮ ЖОК…

Алыскы-алыскы калың, түнт токойдо үч каракчы жашайт. Бою узун, тарбайган буттарына 47–48-размердеги өтүк кийген, каардуу көздөрү чанагынан чыгып кетчүдөй олурайган, бетиндеги тагынын тамтыгы чыгып коркунучтуу, биринен бири өтүп ырайымсыз, шырп эткен дабышка сак жана колундагы куралы менен жолдон өткөндөрдү талап-тоноп, эмнени болсо да тартып алып, оокат кылышат. Алардын жолу болбогон, олжосуз калган мезгилдеги каарданганын, ачууланганын көрсөңүз…

Токойго жакын жерде жалаң жаш балдарды топ-топ, аёосуз эзип иштеткен, тамак-ашты да өлчөп берген, эс алуу дегенди билбеген колу катуу, таш боор, бир ишкананын ээси өтө бай, сулуу аял болот. Бул

жерге келген балдардын дээрлик бардыгы ар кандай жол менен уурдалган же жоголуп кеткен балдар эле. Бай аял полицейлер менен күн мурунтан тил бириктирип, кароосуз көчөдө калган же адашып кеткен балдарды аялга алып барып берчү да, акысына андан акча ала турган. Балдар жаш курагына карабастан, керелиден кечке от өчпөгөн, ысык мештин алдынан чыкпай кант кайнатышат. Аял кантты жанындай жакшы көрөт. Канттан жасалган токочторду, тортту аябай жакшы көргөндүктөн эт-бетинен түшүп канча жесе да же өзү, же көзү тойбойт. Анын бизнеси да кант чыгарып, андан чоң киреше алуу эле. Балдарды тизип алып же иштеп жатканда да: «Кантсыз сүйүү жок...» – деп хор ырдатканда тажабайт.

Бир кыздын атасы да, энеси да жок, томолой жетим болот. Ал короосундагы жалгыз чоң ташты ата-энесиндей жакшы көрүп, кучактап алып эркелейт, тилегин айтат, ырдайт, алар менен сүйлөшөт, ой бөлүшөт. Кээде капасын бөлүшүп ыйлайт, арыз-муңун айтат. Жердеги кумурскага да боору ачыган, куштар тумшугу менен илип жеген көлмөдөгү бакаларды аяган, тыйын чычканга колундагы жарты токочун бөлүп берген ашкере боорукер, аябай акылдуу, бут алдындагы чөпкө да мээримин төккөн өтө жароокер, мээримдүү кыз. Анын аты – Линда. Ал дайыма ой-кыялында ата-энесин издейт, алар да кызды издеп таба албай, адашып жүрүшкөндөй сезилет...

Күндөрдүн биринде көпөлөк кууп баратып, кыз адашып кетет. Караса, чар тарабы чытырман токой. Кайда барарын билбей ыйламсырап, жалгыз отурса, алысыраактан жанагы үч каракчынын бири аны көрүп калат да, акырын басып келип колунан жетелеп, бакыртып- чыңыртып өзүнүн үңкүрүнө алып

кирип кетет. Үч каракчы кичинекей кыздан анын дарегин сурашат.

– Атың ким сенин?

– Линда.

– Ата-энең барбы?

– Ооба.

– Алар каерде жашайт?

Зээндүү, зирек кыз алардын кат билбегенин, сабатсыздыгын дароо байкап коёт да, амал ойлоп табат.

– Атам Индияда жашайт.

– Индияда!!!

– Алтыны көппү?

– Ооба.

Үчөө тең жарышып кубанып кетишет да, дароо эле акча табууну, кызды барымтага алып, атасынан көп акча, алтын өндүрүп алууну ойлошот. Кол чаап, жер тепкилеп сүйүнүшөт.

Кыз атасына кат жазат, аны ак көгүчкөндөн берип жиберет.

Каракчылардын бири кызды аяп, башкаларга караганда жумшак мамиле жасайт. Кыздын баарына акылы жетик, баамчыл жана сергектиги, көп нерсени билгени таң калтырат. Анын билимдүүлүгү, көп окуганы кызыктырат да оюна келгенин сурайт. Кыздын акылдуу жообуна көкүрөгү жылып, тамга таанып, кат жазууну үйрөтүүнү суранат. Кыз аларды окута баштайт. Тамгаларды жазып, аны кураштырып сөз, сүйлөм түзгөндү, эсептегенди, сандарды бөлүү, көбөйтүүнү, арифметиканы үйрөтөт. Окутуу канчалык оор, машакаттуу болгонуна карабай кыз сабырдуулугун, эрктүүлүгүн, эмгекти сүйгөндүгүн көрсөтөт. Таза эмгек, ак мээнет менен жашоого боло

турганына ынандырат. Үч каракчынын жүрүш-турушу, адеп-ахлагы акырындап жакшы жагына өзгөрүлө баштайт. Алардын жүрөгүндө уюган кара таштай жек көрүү, карасанатайлык, мыкаачылык, карөзгөйлүк, таш боордук, жырткычтык, мерездик сезимдери акырындык менен эрип, жумшара баштайт... Анын ордун мээрим, ишеним, сүйүү, аёо, адамгерчилик сезимдери ээлейт... Кичинекей кыздын жүргөн-турганы, жаратылышка болгон сүйүүсү, камкордугу, мээримдүүлүгү, эмгекчилдиги аларды таасирлентет...

Күндөрдүн биринде Линда каракчылар кызуу уйкуга киргенде, алардын үйүнөн качып кетет. Дары чөп издеп жүрүп, жолду билип алат. Токойдон чыгып, жалгыз таман жолдо келатканда кант иштетип чыгарган аялдын ээзүүсүнөн качып чыккан жүдөгөн, азып-тозгон эки балага жолугат. Алар өз ара сүйлөшүп, аялдын кол алдында күңдөй муңкүрөп, айласыздан иштеп жүргөн, кыйноодон эзилген балдарды бошотуу жөнүндө сүйлөшүшөт. Канткенде малай балдарды куткарууга болот? Кандай жолду тандаса жаңылышпайт? Өзүнчө тиран, диктатор аялдын сыйкыры да бар, кара күчтөргө ишенет.

Балдар бир айласын таап, бай аялдын кант кайнаткан заводуна уурданып кирип, кыйналып-жүдөгөн балдарды эптеп бошотушат. Аларга үч каракчы жардамга келет. Аял канчалык кара күчтөрүн ишке салып, айла-амалын иштетип, амалкөйлүк кылса да, бара-бара күчтөн тайып, жеңиле баштайт... Камоодогу балдарды бошоткондо, баары биригип келип, урабас-кулабас деген аялдын кыйноо түрмөсүнүн быт-чытын чыгарып, чынжырын үзүп, өзүн ордого салышат. Ал жан соогалап, экинчи мындай карөзгөйлүктү кылбасына балдарды, элди ишендирет. Үч

каракчы көп жылдардан бери топтогон алтындарына ишкананы сатып алып, балдар үйүнө айландырышат.

Жакын адамдарын жоготкон же адашып жоголуп кеткен, кароосуз калган балдар үйүндө жаңы турмуш, жаңы жашоо башталат. Алардын шаңдуу күлкүлөрү жаңырып, балалык мээримге, сүйүүгө карк толгон көздөрүнөн бакыттын учкундары чачырайт... Алар кол кармашып алып, эртеңки, болочоктогу өмүр жолундагы ар кандай кыйынчылыкка чыдап, асыл максаттарына жетиш үчүн сүйүү, достук, ишеним жана ак эмгек гана аларга жолдош, окутуучу жана жан шерик болоруна ишенип, «Сүйүүсүз сүйүү жок» деп жалпы ырдашат.

Мени абдан таң калтырып таасирленткени театрдын жасалгасы, декорациясынын өтө чоң чеберчилик менен иштелгени болду. Кадимки түнт токойдо, каракчылардын үңкүрүндө жүргөнсүйсүң... Алардын бою 180–190 см десем жаңылышпайм, алардын жашоосун нагыз реалдуулукка жакын, өзүндөй жасалгаланышы, кашаага илинген үч кружка, коңултак кийилген үч өтүк, уктап жаткан үчөөнүн коңуругу үңкүрдү жарат... Үндүн акустикалык жаңырышы да театрдын секичесинен залдын төрүнө чейин кадимкидей эркин, бирдей угулат. Тыптынч отуруп, үн чыгарып сүйлөбөй, каткырып күлбөй, залдагы көрүүчүлөрдүн да тынчтыгын бузбоого аракеттенген немецтерге мындай тартип көнүмүш этикага айланган.

Бизде миграциянын артынан талаа кезип, алыскы-жакынкы бөтөн өлкөлөргө жокчулуктун айынан «тиричилик кылайын, акча таап балдарымды багайын» деп кеткен мекендештерибиздин наристе балдары ата-энесинде, жакын туугандарында калууга аргасыз. Эки-үч жашында, кыркы чыкпай жатып,

эмчектен калган наристе балдардын канчасы ата-эненин мээриминен ажырап, жасалма тамак, жасалма ботко жеп, ата-эненин сүйүүсүн, мээримин көрбөй, аларды тааныбай өсүп жатат. Мындай социалдык оор, орчундуу маселенин ушул тапта заарын, кээрин тарта баштаганыбыз менен токтотуп калуунун, чекит коюунун эч кандай айласын таппай турабыз. Эрте жашында эненин эмчегине тойбой, эненин карааныңа, үнүнө, сүйүүсүнө, эркелеткенине зар болуп өсүп келаткан ымыркайлардын, ар кыл жаштагы бөбөктөрдөн таза, баёо, кирсиз сезимдеринде эмне деген өксүк, эмне деген кейиш, муң-кайгы жатканын уккан киши жоктой... Учурда ушул маселенин көйгөйү как бешенеге келип сайылып, ата-эненин мээримине тойбой, жакын адамдарынын, туугандарынын колунда өскөн балдардын «өксүк тарбиясынын» азабы, мээримдүүлүктүн, боорукерликтин таңкыстыгы, мээримсиздиктен, кайдыгерликтен, кенебестиктен, ырайымсыздыктан, тоң моюндуктан, таш боордуктан жана мерездиктен баланын психикасы, баланын жүрөгү, баланын жан дүйнөсү жабыркап жатканын ойлогон жан барбы?

# *3-бөлүм*

## МУЗЫКА – ЖАН ДҮЙНӨНҮН ТАБЫЛГЫС ДАРЫСЫ

«Айлуу түн сонатасы» дүйнөлүк шедеврлердин катарын толуктап калды. Аны уккан сайын кайра-кайра укканга мажбур кылган сыры эмнеде? Музыканын жаралганына эки кылымдан ашыгыраак убакыт өткөнүнө карабай, кудурети менен касиети күчөгөндөн күчөп баратканы эмнеси?.. Дүйнөлүк классикалык музыканын бренди катары аалам кезип, адам баласынын улутуна, тилине, дилине, динине жана жашаган материгине карабай, адамзаттын энчисине айланып калган сонатаны жараткан улуу композитордун киндик каны тамган, ыңаалап ыйлап жарыкчылыкка келген туулган үйүн көрүү үчүн ага таазим кылууга бүт аалам Боннго келет... Шаардын аты, атагы маэстронун туулган туру менен даңкталып, даңазаланат.

Музыка жандын тили деген ак сөз. Музыканы жүрөгүң менен сезип-туюп, жүрөгүң аркылуу кан тамырларга таратып-сиңирип, андан өзүң агарып-тазаланып, дүйнөнү жаш балача карап, сезимиңе канат бүтүрүп, духуңду чыңалтып-чыйралтып, адам экениңди, адамча жашоого бел байлап, жаратмандык вазыйпаңа кубаттанасың-ишенесиң... Музыканын керээти менен ай-ааламдын, табияттын сулуулугун, боёктуулугун, кырдуулугун жана кымбаттуулугун

сезесиң. Музыканын ишарасы менен жашоодогу жолуңду териштиресиң жана эртеңки кадамыңдын кандай болорун боолголойсуң... Музыканын күчү менен бүткүл дүйнө – өмүрүңдүн нарк-насили, кадыр-баасы, орун-салмагы, кечээгиси менен эртеңкиси таразаланат. Музыканын керемети менен эгер талантың, өнөр-шыгың болсо артыңдан олжо ыроолойсуң, руханий мурас энчилейсиң, руханий азыктын казынасын калтырасың. Музыканын таасири сени кайрымдуу, боорукер, мээримдүү, адамгерчиликтүү, ыйман-ынсаптуу, адилет-акыйкатчыл, мекенчил, периштелүү сапаттарга жетелейт, каныктырат.

«Айлуу түн сонатасы» табият менен адамдын жан дүйнө биримдигинин символу. Аны уккан сайын ар бир үндүн, шыбыштын, тембрдин, ритм менен рифманын жаңы кырлары ачылат, жаңы боёктору жаңырат, жаңы ажары жагалданат. Ар бир жолу уккан сайын жаңыдан эшитип жаткандайсың... Ал кечээ жаралгандай, жаңы эле угуп жаткандай, жаңы эле оболоп, жаңы эле дүйнө кезип жан дүйнөңдү мемиретип, бакытка бөлөп, жашоону сүйдүрүп, тирүүлүктүн жана жан дүйнөңдүн жакын досу, жакын сырдашы, жакын муңдашы, өзүмдүк эн белгиси менен кашкаят, таасындалат. Анын бар экендиги үчүн Жаратканга миң мертебе шүгүрчүлүк келтиресиң, миң мертебе алкайсың...

Бонн шаарындагы Бонngaссе-20 көчөсүндөгү кылымда чанда кезиккен, адамзаттын бактысына жаралган улуу музыкант Бетховендин үй музейине жана виртуалдык үйүнө киргендеги ички толкундоолорду айтып жеткире албайм... Анткени дүйнө жүзүндө адамзаттын генийлери туулган үйлөр ушул кезге чейин сакталып калышы сейрек кездешет. Көп

кабаттуу үйлөрдүн катарындагы сары түстүү, үч кабаттуу үйдө жарыкчылыкка келген болочок генийдин киндик каны тамган. Бетховен темасына байланышкан дүйнөдөгү эң бай коллекциялардын үлгүсү, тагыраак айтканда, улуу композитордун бонндук жана веналык турмуш этабынан 150гө жакын оригиналдуу документтер, сандык коллекция (Бетховен мультимедияда) үчүн студия, музыкалык визуализация (виртуалдык театр) үчүн сцена, музыкалык аспаптар, XVIII кылымдагы атактуу композиторлордун силуэт-портреттери, кол жазмалары, өз колу менен жазган ноталарынын кол тамгалары, дагы-дагы өтө кызыктуу тарыхый фактылар бар. Музейди 1889-жылы «Бетховен үй коому» деген уюм негиздеп, ушул күнгө чейин көздүн карегиндей сактап келишет. XIX кылымда үйдүн биринчи кабатын трактир (дүкөн –ашкана) катары пайдаланышкандыктан, шаардык бийликтин буздуруп жиберүү чечимине каршы чыккан бонндук он эки адам атайын коом түзүп, алып калышкан. Алар өз каражаттарына үйдү сатып алып, экөөнү тең кайрадан калыбына келтирип, реставрациядан өткөрүшөт. Ошондон уламбы композитордун музейинде анын өмүр баянын, өмүр тарыхынын хронологиялык таблицасы так, божомолдордон алыс (чындыкка дал келет деп эсептешет), ачык, конкреттүү, оргументтүү, тарыхый фактыларга бай. Эң башкысы Бетховендин өмүрү жана анын ата-тегинин санжырасы Бонн жана Вена шаарларынын архитектуралык курулушунун тарыхый пландары менен эриш-аркак байланышып кетет.

Музейге дүйнөнүн төрт бурчунан көп келишкендиктенби, айтор, аудиопутеводитель бизче айтканда аудиожолкөрсөткүч ар түрдүү тилде музейдеги

тарыхый инструменттерде аткарылган музыканын коштоосунда айтып берет. Баскан сайын бөлмөлөрдүн полу солкулдап, тепкичтери кууш, камерага тартууга уруксат берилбеген, акырын сүйлөп, акырын басып көрө турган ыйык жайдын аурасы да башкача таасир берет. Музейдин арткы жагындагы Бетховендин бюсту орнотулган чакан бакча темир тосмолор менен курчалган. Короосундагы ортоңку тосмонун бери жагында генийдин замандаштарынын атактуу композиторлордун эстеликтери коюлган.

Бонндогу белгилүү, эң көрүнүктүү адамдар көп каттаган, айрыкча дүйнөнүн туш-тарабынан арзып келген музыканттарды, искусство адамдарын магниттей өзүнө тарткан жер музыкант-виртоуздун киндик каны тамган туулган үй-музейи. Шаардагы белгилүү кварталда жайгашкан үй-музейдин баалуулугу виртуалдык үйдө генийдин өмүр-тагдырына байланышкан материалдардын түп нускасы, музыканттын көзүнүн тирүүсүндө калган экспонаттар, музыкалык инструменттери, каттары, өзү кандай аткарса, так ошондой аткарылган чыгармалары виртуалдык түрдө жашап-жаңырып, экинчи өмүрүн улантып, анын чыгармаларынын кылымдан кылымга көчү үзүлбөй, кайра жаңырып-жашарып турушу, муундан-муунга өтүп, шакирт-окуучуларынын, ошондой эле жалпы музыка сүйүүчүлөрдүн аң-сезиминде реалдуу, активдүү сүрүп жатышында.

Бетховендин музыкасын дал өзүндөй кынтыксыз, так, кайталап туура аткаруунун өзү чоң чеберчилик, чоң таланттын белгиси. Дүйнө жүзүндөгү ар кайсы континенттер, түрдүү материктердеги (айрыкча Батыш Европанын өзүндө) чебер музыканттардын кайсы чыгармасын канча жолу туура аткарганын

талдап-анализдеп көрүшкөндүктөн, таланттуу музыканттардын бир канчасынын аты-жөнү жазылган тизмеси турат. Бетховендин музыкасы соолбос булактай, аны чаңкагандар келип моокумун кандырып кетишкен сымал, оригиналдуу, түбөлүктүү Муза мектептин жашап жатканына биз да ыраазы болдук.

## ЛЮДВИГ ВАН БЕТХОВЕН

Людвиг ван Бетховен Германиянын Түндүк-Батыш тарабындагы Вестфалиянын Бонн шаарында 1770-жылдын 16-декабрында жарык дүйнөгө келген. Ошондогу немистердин салты боюнча бир күндөн кийин жергиликтүү чиркөөдө католиктердин ырым-жырымы менен чокундурулган. Туулгандыгы тууралуу датасы 17-декабрда деп жазылганы да ошондон. Анын аты чоң атасы Людвиг ван Бетховендин урматына коюлган. Чоң атасы таланттуу музыкант болгон, тенор үнү менен капеллде (бийликтин резиденциясындагы капеллди жетектеген) ырдаган, кийинчерээк ошол кездеги Кельндагы эң таасирдүү бийлик төбөлдөрүнүн (Герман улуту Ыйык Рим империясынын бөлүгү, Венадагы Габсбургдар империясынын расмий аталышы) курфюрст-архиепискобу болгон. Жалгыз уулу Иоганн 1767-жылы Мария Магдалина Коверихке үйлөнөт. Апасы (турмушка чыкканга чейин сарайдагы шеф-ашпозчунун кызы болгон) уулунун музыкага шыктуулугун байкап, ыр ырдап, жомок айтып берип, ага аяр мамиле жасаган. Атасы Иоганн капеллде вокалист катары кызмат кылган, ошону менен бирге скрипка жана клаве-

синден сабак берип, акча тапкан. Бирок ичкиликке жакын, тапканын ичип алып, үйүндө жаңжал чыгарып, кичинекей Людвигди музыкалык аспаптарга ойногонго мажбурлап, жазып-тайып адашып калса, же ката кетирсе ур-токмокко алган. Чоң муштум атасынын айынан жаш бала бир эле мезгилде беш инструментте: орган, клавесин, альт, скрипка жана флейтада ойногонго аргасыз болгон, көз жашын көлдөтүп ыйлап, тынымсыз машыгып, үйүнөн карыш жылбай, балалыгы музыкалык инструменттер менен аралашып өткөн. Жубайлар жети балалуу болушкан, ымыркайында чарчап, болгону үчөө туруп, экинчи уулу Людвиг, эки иниси Каспар Карл менен Николаус Иоганн бирге чоңойгон.

Болочок композитордун эң биринчи окутуучусу өз атасы болгонун тануута болбойт. Аны клавесин менен скрипкада ойногонду үйрөтөт. Бирок ага да ичи чыкпайт, тез эле атагы чыгып, көп акча тапса экен деген ой тынчытпайт. Атасы аны кичине кезинен эле гений музыкант катары көргөзгөнгө өтө куштарланат. Ошол кезде Моцарттын атагы чыгып, бүткүл Батыш Европаны дүңгүрөтүп, оздон түшпөй турган убагы эле, Моцарттан кийинки гений деп таныткысы келет да, өтө жаштыгына карабастан, курагын чоңойтуп жаздырып (аны алты жаштагы бала деп жаздырат, уулу сегиз жашка чыкканын жашырат), «Менин уулум теңдешсиз талант, Моцарттан кийинки гений» деп, 1778-жылы 26-мартта Кельнда «авертисмент» жарыя бердиртет. Концерттен жарыбаган акча түшөт. Атасы күткөндөй укмуш бала болбойт, аны окутканга өзүнүн кесиптеш досторуна берет. Бирөө органды, экинчиси скрипканы үйрөтөт. Он эки жашында органисттин орун басары болуп

иштеп, акча табат. Анын атасы менен болгон ма милесинин начарлашы, кийинчерээк таптакыр сал кындашы да так ушул талапты катуу коё бергенине жана алкоголизмдин кесепетинен болот.

1780-жылы Бонного органист жана композитор Кристиан Готлоб Нефе келет. Ал сарайдагы капелл органист жана капельмейстр, театрга директор болу дайындалат да, кичинекей музыканттын көзүнө жанган талант менен шыктын өлчөөсүз учкундары дароо байкап, аны окута баштайт. Бах, Генделди чыгармалары менен тааныштырат. Улуу муундагы композиторлор Ф.Э.Бах, Гайдн, Моцарттын чыгар маларын окутат. Нефенин түрткүсү менен он эки жашында анын биринчи (фортепиано үчүн вариа ция) чыгармалары жарыкка чыгат. Ал болочоктогу генийдин чыныгы окутуучусу болгон.1783-жылы Бетховендин тырмак алды биринчи эмгеги ошол мез гилдин курфюрсту Максимилиан Фридрихке (жал пы *аталышы «Курфюрст») арналган үч фортепиано* үчүн сонаты *жарыкка чыгат. Таланттуу органистти* байкап калган Максимилиан анын музыкалык са бактарына демөөрчүлүк кылат.

## «БОННДОГУ БАЛ»

Үй-музейдин 2-залында абдан чоң көлөмдөгү картина илинип турат. Ал «Бонндогу бал» деп аталып, 1754-жылы тартылган. Бетховендин чоң атасы сарайдын капельмейстри катары өз доорунда жогорку даражалуу кишилерден болгон. Так ошол сүрөтте бонндук сарайдагы театрдын бал-маскарады тартыл-

ган, андагы тарыхый кишилер чагылдырылган. Биринчи планда курфюрист Клемент Августтун сүрөтү. Анын мураскерлери Макс Фридрих жана императрица Мария Терезанын кичүү уулу Максимилиан Франц турат. Мунун өзү ошол кездеги театрдын ролу андагы капелла музыканттардын коомчулуктагы руханий-агартуучулук ишмердигинен кабар берип турат. Так ушул сарайдагы (азыркы университет) капеллде 1782-жылы он эки жаштагы Бетховен органисттин орун басары, 1784-жылдан тартып регулярдуу органист, кийинчерээк альтист, репетитор болуп иштеген.

Чоң атасынын көзү өткөндөн кийин музыканттын үй-бүлөсүнүн абалы ого бетер начарлай баштайт. Атасы ичкиликке ансайын берилип, баласынын тапканын суудай жок кылып, жаңжалдан баштары чыкпайт. Людвиг мектепти таштоого аргасыз болот. Ал өз алдынча латын, италиян жана француз тилдерин үйрөнөт, көп окуйт, кийинчерээк бир катында: «Мен үчүн өтө эле оор, акылды көп талап кылган чыгарманын өзү жок. Бала кезимен эле кызыгып окуп, ар кайсы доордун мыкты адамдарынын жана акылмандардын айткандарынын негизин түшүнүүгө аракеттендим» – деп жазган. Анын сүйүп окуган авторлору байыркы грек жазуучулары Гомер, Плутарх болгон, англиялык атактуу драматург Вильям Шекспир, немец акындары Гете менен Шиллерди аябай жакшы көргөн.

Анын музыкага болгон кызыгуусу күн сайын арта баштайт. Өз алдынча чыгармаларды чыгарганы менен жарыкка чыгарууга ашыга бербейт. Ар бир чыгармасын кайра-кайра сызып-оңдоп, бышырып, күнү-түнү иштеп, канчалаган талыкпаган мээнеттен

кийин жарыялайт. Так ошондой чыгармаларынын бири – 1790-жылы И.В. Гетенин ырына жазылган «Сурок» жана үч сонаты 1805-жылы обого чыгат.

## «ОҢУНАН ЧЫКПАГАН КЕЗДЕШҮҮ»

Биринчи жолу 1787-жылы атактуу Моцарттан сабак алганы музыка дүйнөсүнүн борбору Вена шаарына барат. Атагы таш жарып турган композитор Вольфган Амадеейге кездешет, жаш уландын музыкалык импровизациясын угуп, тамшанып: «Ал бардыгын Өзү жөнүндө сүйлөөгө аргасыз кылат» деген. Бирок сабак ала албайт, эки жума өткөндөн кийин апасынын катуу ооруп жаткандыгы жөнүндө кабар угуп, Бонного кайтып келет. 1787-жылдын 17-июлунда апасы Мария кургак учук оорусунан көз жумат. Он жети жаштагы улан үй-бүлөнүн башчысы катары өзүнүн инилерине камкордук көрүүнү колуна алат. Атасынын абалы оорлоп, ичкиликтин торунан чыга албай калат. Альтта ойноочу музыкант катары оркестрдин курамына кошулат да, театрда италия, немец, француз операларын коюшат. Ошондо ал Глюк менен Моцарттын операларына аябай таасирленет. Канчалык жанын үрөп иштебесин, анын үй-бүлөсүн жакырчылык менен жокчулук тооруп кирет. Кошуналарынын, өзү теңдүү балдардын шылдыңы, келекелеп мазактаганы жанына батат. Музыканын аёолуу, назик, жүрөк толкуткан ыргактарынан толуп-ташкан жан дүйнөсүнө жаракат салат.

Ошол мезгилде жаш, студент медик Франц Вегелер менен жолугушуп калат, ал өзүнүн үй-бүлөсү

фон Брейнингдер менен тааныштырат. Алардын үй-бүлөсү менен катташып жүргөндө, кызы Лорхенге музыкадан сабак берет. Интеллигенттердин үй-бүлөсү менен болгон ысык мамиле, байланыш немец философиясы менен антикалык адабиятка болгон кызыгуусуна жол ачат.

1789-жылы Бетховен билим алуусун улантуу максатында Бонндогу университеттин философиялык факультетине эркин угуучу катары тапшырып, лекцияга катыша баштайт. Ал жерде көпкө окубайт. Жакын санаалашы граф Фердинанд фон Вальдштейн менен таанышып, экөөнүн достугу, графтын меценаттыгы өмүр бою уланат. Так ошол мезгилдерде Боннго Француз революциясы жөнүндө кабар таркай баштайт. Окуу жайдагы профессорлордун бири революция жөнүндөгү ырлар жыйнагын басмадан чыгарат. Бетховен ага кызыгып, баш оту менен берилип алып, «Эркин адамдын ыры» деген чыгармасын жазат. Андагы мындай саптар көңүлдү өзүнө буруп турат болчу: «Эркиндик – бул кимдир үчүн туулгандыгы жана титулу эч кандай мааниге ээ эмес дегендик...»

## ГАЙДН МЕНЕН БЕТХОВЕН

Достору жана меценаттардын жардамы менен музыкалык билимин өркүндөтүү, музыкалык инструменттерде көнүгүүлөрдү үйрөнүү максатында 1792-жылы Венага кайрадан келет. Англиядан кайтып келген атактуу композиторлордун бири, белгилүү Йозеф Гайдндан сабак ала баштайт. Бирок окутуучусу

менен окуучунун ортосунда ишенимсизирээк мамиле түзүлөт. Тагыраак айтканда, экөөнүн кыял-мүнөзү, жылдызы келишпейт. Бетховен окутуучусун: «Менин жан дүйнөмө анчалык көңүл бурбайт» – десе, Гайдн ачык, тайманбаган, айрым көз караштары чочуткан окуучусунун мүнөзүн жактырбайт. Анын үстүнө музыкасы да өзүнө окшоп суз, көңүлсүз деген ойдо: «Сиздин чыгармаларыңыз жакшы, ал гана эмес укмуш, бирок анда көңүлсүз, таң калыштуу нерселер бар. Өзүңүз сыяктуу түнөргөн жана орой сезилет» – деп айтат. Ошого карабастан Гайдндын сабагынан көп нерселерди үйрөнөт. Ошол кезге чейин жарыкка чыга элек бир канча чыгармаларын устатына көрсөтүп, анын сыноосунан өткөрөт. Анын жакын досу граф Вальдштейн бир катында: «Көгөрүп-көшөрүп жүрүп, Моцарттын духун Гайдндын колунан ала турган болдуңуз...» – деп жазат. Гайдндын жетекчилиги менен контрапункт чеберчилигин өздөштүрөт, скрипкада ойноо боюнча сабакты Игнац Шуппанциг, вокалдан Антонио Сальериден окуйт. Ал өжөрлүк менен тынымсыз окуп, үйрөнүүдөн тажабаган. Көп узабай атасынын көзү өткөнүн угуп, туулуп-өскөн шаарына кайтууга аргасыз болот.

## КЫЯЛ-МҮНӨЗҮ ЧУКУЛ, АЧУУЛУУ ЖАШ МУЗЫКАНТ

Венадагы жылдарында Бетховен өзүн пианист-виртуоз катары тааныткан. Анын ойногонуна таң калышкан, суктанган, тамшанган угуучулар көп болгон. Ал кайсы аспапта ойнобосун башкалар кыла

албаганды же болбосо башкалар аз кайрылган кайрыктарды эрктүүлүк менен кайрып, аккорддук үн салышуунун массивдүүлүгүн колдонгон. Ошонун негизинде фортепианого жаңы стилди иштеп чыккан. Анын фортепьяно үчүн өзгөчө стилдеги №8 «Патетикалык», №13, №14 сонаталары аккорддук тембринин кайталангыстыгы менен өзгөчөлөнөт.

Анын тышкы келбет, жүрүш-турушу ошол кездеги ак сөөктөрдүн коомунда кескин айырмаланып турган. Кийимдери жупуну, чачтары таралбаган жаш жигит уйкудан калган кишидей жүдөө, көрүмсүз, мүнөзү да кырс, ачуулуу эле. Күндөрдүн биринде ал ойноп жатса, меймандардын бирөөсүнүн жаш айым менен баштарын тийиштире шыбырашып, сүйлөшүп жатканын көрүп, музыкасын дароо токтотуп: «Мындай чочколор алдында ойнобойм» – деп буркулдаган бойдон сыртка чыгып кетет. Мындайда кечирим суроо, ар кандай коркутуу-үркүтүү да аны жумшарта албаган.

Ал өзү сабак бергендиктен, көпчүлүк учурда князь Лихновскийдикине түнөп калчу. Князь композиторду абдан сыйлап урматтаган, анын талантынын алмашкыс күйөрманы болчу. Ал сарайына чогулган меймандарынын көңүлүн ача турган шаңдуураак музыка ойноп берүүсүн өтүнөт, бирок музыкант баш тартат да, өзү отурган бөлмөнүн ичинен бекитип, отуруп алат. Айласы кеткен князь суранат, талап кылат, жадаганда буйрук берет. Ачууланган композитор княздын үйүн таштап, Венага кайтып келет. Эртең менен Лихновскийге мындай мазмундагы катын жиберет. «Мен ким болсом да өзүмө өзүм милдеттүүмүн. Князьдар көп, дагы эле миңдеген князьдар болушу мүмкүн, бирок Бетховен ал – жалгыз!»

Бетховендин кыялы чукул, түнт, ачуулуу, адамдар менен мамилеси анчалык жакшы эместигине карабай, достору аны ак көңүл, колу ачык, мээримдүү, достукка бекем деп эсептешкен. Ал эч качан жакын досторунан жардамын аяган эмес. «...менин колумда жарты наным турганда жакын досторумдун бирөө-жарымы муктаж болууга тийиш эмес. Эгерде менин капчыгым бош болсо, дароо эле жардам бере албасам да, столго отуруп, ишиме киришем да, жакын арада ага жардам бергенге шашылам», – деп айткан.

Жаш композитордун Венадагы жылдары ийгиликтүү жана жемиштүү болгон. Анын чыгармалары басылмаларга чыгып, элге кеңири таралып, авторго чоң ийгилик алып келген, аны таланттуу композитор катары тааныткан. Венада өткөн он жылында фортепиано үчүн 20 соната, 3 концерттин, скрипка үчүн 8 соната, квартеттер, камералык чыгармаларды жараткан. Аларга «Христос на Масличной горе» ораториясы, «Творения Промотея» балетин, 1- жана 2- симфонияларды жазган.

## МУЗЫКАНТ МЕНЕН ЗАМАНДАШ АЛЬТ

Биз сиз менен музейдин 3-залына киребиз. Витринада 1780-жылы жасалган, музыкант дайыма Венада ойногон музыкалык инструменти альт сакталып турат. Бетховенден 10 жылга кичүү аспаптын тарыхы ээсинин кайгы-кубанычын бирге тарткан, жүрөгүн элжиреткен алпейим көз ирмемдерин, жокчулуктун кээри жанына баткан күндөрүн бирге өткөргөн. Биз

жогоруда атын атап кеткен XVIII кылымдагы жаш виртоузду окутуп, музыкалык сабат деңгээлин жогорулатууга, анын музыка дүйнөсүндөгү чыйырын такшалдырып таптап, ийгилигине кол чаап кубанган, чыгармачылыгынын өнүгүшүнө салым кошкон белгилүү композиторлор, устаттарынын чоң полотнодогу сүрөттөрү илинген. Баарынан кызыгы, Брюлдеги атактуу курфюрст Августбургдун жайкы резиденциясы менен Бонндогу резиденциясынын сүрөтү өткөн доорлордогу музыканттардын жашоо образынан, ишмердигинен кабар берет.

Ал эми 4-залдын борбордук темасы өспүрүм кездеги Бетховенди сүйлөп берет. Музыкага баш оту менен берилип, жан дүйнөсүндөгү сезим-туюмдарын турмуштук көрүнүштөр, табияттын сүрөттөрү, адамдардын бейнелери менен жуурулуштуруп, синтездеп, аны ноталар аркылуу сүйлөткөнгө батынган он алты жаштагы жапжаш композитордун элеси менен бетме-бет келишесиз...

Композитор үчүн өзгөчө мааниге, фортепиано боюнча анын биринчи окутуучусу фон Бройнингдин үй-бүлөсүнүн сүрөтү. Энесинин көзү өткөндөн кийин энелик мээримин төгүп кам көргөн, акыл-насаатын айтып, билим алуусуна, руханий жактан өсүшүнө жардам берген Елена фон Бройнингдин орду башкача экенин маэстро көп жолу эскерген. Алардын жазышкан каттары, куттуктоо отрыткалары жана бири-бирине жиберген сүрөттөрү да сакталган. Ал эми болочок улуу композитордун жан дүйнөсүнө дем, шыкак, эргүү берген музалары жөнүндөгү пикирлер талаш-тартыштуу. Сулуу, тектүү кыз-келиндер менен мамилеси болгон, бирок үйлөнгөнгө келгенде... алардын ортосун бөлүп турган дубалды ошол

кезде эч ким, эч качан түртүп жибере алмак эмес... Ал жөнүндө кийинчерээк көп сөз кылабыз. Музейдеги дагы бир сулуунун композиторго «искусствонун генийине жана эң жакшы адамга» деп, өзүнүн сүрөтүнүн артына жазып бериши, ушул кезге чейин кимдин болбосун жан дүйнөсүнө азык тартуулаган оригиналдуу, кайталангыс сонаталарынын жаралышына себепкер болгону талашсыз.

Дагы бир маанилүү учурду эске алыңыз, Бетховендин өспүрүм курактагы досу врач Франц Герхард Вегелердин сүрөтү бар. Ал 1838-жылы композитордун өмүр таржымалын божомолдордон, имиш-имиштерден арылтып, болгонун болгондой жазып биринчи жарыялаган.

## КУЛАК ООРУСУ ТООРУЙ БАШТАГАНДА...

Жыйырма алты жашында Бетховендин кулагынын угуусу начарлай баштайт. Врачтар «тиннутус» (кулагынын ичи шамалдап, ышкырык-чакырык, бирдеменин үндөрү угулуп, дуулдап, кангыгансый берет...) деген диагноз коюшат. Дарыгердин кеңеши менен алыскы тынч, кичинекей, алаканга салгандай пейзажы кооз Хайлигенштадте шаарына барып жашайт. Ал жердеги мемиреген тынчтык, жанынын тынч алышы өзүн жакшы сезишине жардам бербейт, жан дүйнөсүнүн дүрбөлөңүнөн жаны жай таппайт. Кереңдик айыккыс оору экенин түшүнөт да, ошерде жүрүп, купуя керез катын жазат. Өзүнүн ички кайгы-капасын, буулуккандагы сезим-туйгула-

рын, эч нерсени укпай калуу коркунучунун күчүн, дүлөйлүктөн тарткан азабын жазгандан кийин өзүн өзү өлтүрүү жөнүндө ой келет....

Шаардын тепейген көчөлөрүн аралап басып жүрүп, өзүнө кол салуу оюнан кескин түрдө кайтат да үйүнө келип, күндөлүгүнө мындай жазууну жазат: «Өзүмдү арнаган максатыма жетпей туруп, анын баарын аткарбай эле эрте жарыкчылыктан кетүүм кажетсиз...»

Өзүнүн врачы Вегелерге жазган катында: «Мен багынбайм, тагдырымды кекиртектеп алып күрөшөм!» деген жалындуу сөзү окуган сайын жаңырып турчу экен. Жашоону чексиз сүйгөн, духунун күчтүүлүгүнө ишенген музыкант атактуу «Экинчи симфониясын» кандай шартта жазганы белгилүү. Жакын арада тышкы дүйнө менен кабарсыз каларын сезген талант кийин-соң болуп көрбөгөндөй күч-кайрат, оргуштаган энергия менен жанталашып, күндөп-түндөп иштейт. Ошол мезгилдер улуу пианисттин чыгармачылыгынын гүлдөгөн доору болот. Ал көбүрөөк жаратылыш менен сырдашып, табияттын миң түркүн боёкторуна, кубулуштарына, жашарып-жаңырганына ортоктош болуп, улуу шедеврлерин биринин артынан бирин жаратат. Табияттын стихиясын берген «Гроза», «Буря» деген симфониясынын төртүнчү бөлүмүн жарыкка чыгарат. Кичинекей шаар Хайлигенштадте өзү «Баатырдык» деп атаган «Үчүнчү симфониясын» жазууга киришет.

Ал өзүнүн дүлөйлүгүн жашырып, жанындагыларга билдирбегенге көп аракеттенген. Кулагы укпаганы менен Бетховендин уникалдуу, тарыхый «сүйлөшүү дептери» сакталып калганын замандаштары айтышкан. Жакын достору анын чыгармалары

жөнүндө репликаларын, ой-пикирлерин жазып турушкан. Бетховен аларга оозеки же жазуу түрүндө жооп жазган. Музыкант Шиндлер Бетховен менен маектешкен эки дептерди өрттөп таштаган деген версия бар. Анткени анда императорго, ошол кездеги бийлик башындагыларга карата айтылган заар, орой, ачуулуу сын-пикирлер болгон дешет. Анын бир адаты бийликтегилерди жаман көрүп, алардын чыгарган мыйзам, буйруктарына акаарат келтирип, мазактап сүйлөгөндү жакшы көргөн.

Күндөрдүн биринде Бетховен менен Гете Теплица деген көчөдө сейилдеп басып баратышса, алдынан император Франц чыга калат, анын жан-жөкөрлөрү менен хан сарайындагылар императорду ортого алып, шаан-шөкөт менен өтүп баратышса, атактуу акын Гете шляпасын колуна алып, ийилип салам берет, а композитор болсо, эч кимисине карабай, кекейген бойдон алардын жанынан өтүп кетет...

Бетховендин отуз төрт жашында Наполеон Улуу Француз революциясын четке кагып, өзүн император деп жарыялайт. Ал «Үчүнчү симфониясын» императорго арноо идеясынан баш тартат. «Бул Наполеон деле кадыресе киши. Эми ал буту менен бардык адамдардын укуктарын тебелеп, өзүн тиран көрсөтөт» – деп айткан. «Патетической» деген чыгармасынын кол жазмасынын титулунда арноо дегенди өзү сызып өчүргөнү да ошондон.

Керендиктин айласын бир аз да болсо таптырган угуучу трубалар 8-зал кимди болбосун ойго салат. Таптакыр укпай калган композитор кандай шартта өлбөс-өспөс чыгармаларын кантип жаратты экен деген суроо түйшөлтөт. Киргениңизде эле Бетховендин бюсту тосуп алат. Аны веналык скульптор Франц

Клайн (1779–1840) жасаган, 1812-жылы музыканттын көзүнүн тирүүсүндө гипстен маска кийдирип, калыбын алып калгандыктан натуурасына өтө окшош дешет. Витринанын сол тарабындагы экспонаттар улуу пианисттин дүлөйлүгүнө аз да болсо жардам берген угуучу трубалар.26 жашында укпай калган музыкант элден бөлүнүп, жалгыздыкка ыктап калат. Биринчи жолу жаш кезинен берки досу Вегелерге бул жөнүндө угузат. 1813–1815-жылдардан тартып таптакыр укпай калгандыктан, чыгармаларын азыраак жазган. Табиятынан зээндүү, эстүү жаралган жан анын айласын да тапканга аракеттенет, музыкасын угуу үчүн ичке жыгач таякчаларын колдонот. Пластинканын бир учун тиши менен тиштеп, экинчи учун инструментке такап, андан чыккан вибрациядан үн-дабыштарды ажыратат. Аз да болсо угуусуна жардам берет...

1817-жылы колунан көөрү төгүлгөн лондондук мастер Т. Бродвуд маэстрого рояль тартуулайт. Айтып бүткүс кубаныч тартуулаган белектин катарында дагы бир баалуу белек белгилүү веналык мастер Конрад Графтын энчилеген роялын көрөсүз. Албетте, ушул инструменттерде эмне деген Бетховендин манжаларынын изи, жан дүйнөсүнүн руханий энергетикасы калбады дейсиз... Ушул инструменттерде эмне деген классикалык чыгармаларды жаратпады дейсиз...

Ушул залдын дагы бир артыкчылыгы анын дубалында башка сүрөттөрүнөн кескин айырмаланган, чыгармачылык автопортретти «жарк «этип көзгө урунган генийдин бүткүл жер жүзүнө кеңири таркап кеткен портрети илинип турат. Аны 1820-жылы Йозеф Карл Штилер тарткан, ушул портретти Батыш

Европа мамлекеттеринен көп кездештирдим. Дагы бир кызыгы «сүйүү каттарына» да орун берилген. Көптөгөн каттардын, кол жазмалардын оригиналдары саргайып, сыр каткандай тымпыйышат...

Атактуу «Бессмертной возлюбленной», Лунная соната» деген чыгармалары кимге арналган, ошондой түбөлүктүү шедеврдин жаралышына түрткү, шыкак берген, себепчиси кимдер эле деген суроонун жообуна ушул кезге чейин чекит коюла элек...

## КӨЗ КАРЕГИНДЕЙ «ФИДЕЛИНО»

Фортепиано чыгармачылыгындагы Бетховендин өзүнө таандык жекече стили жаш кезиндеги сонаталарында эле таасын байкалган. Ал эми симфониядагы жетилүү, такшалуу кийинки курагында келген. Мунун баарына кызылдай бешене тери менен жеткен, көп окуп, көп изденип, түн уйкудан кечип, кезерип жүрүп баарын өздөштүргөн. Кайсы музыкалык инструмент же тематика болбосун ага тийип-качып, ат үстүнөн мамиле жасоо деген болгон эмес. Ар бир чыгармасын жан дүйнөсүнүн кубатын берип, жүрөк отуна калап, кайра-кайра оңдоп, кайра-кайра сезим талдоосунун миң элегинен өткөрүп, андан соң жарыкка чыгарган. Атактуу Чайковскийдин пикири боюнча «Үчүнчү симфониясында» «Бетховендин чыгармачылык улуулугунун таң каларлык, сөз менен жеткире алгыс күчү биринчи жолу ачылган...»

Кулагы эч нерсени укпаган Бетховен көчө-көйгө аз чыгат, өтө түнт, терең ойго чөмүлүп эч кимге кошулбай, жакындары жана достору менен сүйлөшүп-кат-

таппай ызалуу, ачуулуу болуп кетет. Тагдырынын жазмышынан өч алмакка бар күчүн музыкадан чыгарат. Анын бу жарыкчылыктагы көргөн-билген, сүйөнүп-таянган, медер-бел туткан, муңдашкан да, сырдашкан да жалгыз ааламы музыка болот. Так ошол мезгилдерде композитор белгилүү, мыкты чыгармаларын биринин артынан бирин чыгарып, өзү сүйгөн дүйнөдөн оргуштаган демин, алоолонгон шыгын, жүрөгүн толкуткан ой-сезимдерин нотанын тилинде безелентип, чыгармачылык табылгаларына канат байлап, жашап жүрөт. Ал өз чыгармаларына өзүнө ишенгендей ишенген, музаларынын ар бири адамзаттын руханий кенчине айланарына бөркүндөй ишенген. Автору да өзү, сынчысы да өзү, публикага чыкканда, ал элдики деп эсептеген.

Жалгыз бир операсы «Фиделинонун» үстүнөн тынымсыз иштейт. Башы каңгып, курсагы ачып, көздөрү ымыр-чымыр болгучакты шайы ооп, жыгылгыча, күндөп-түндөп дем алганды унуткан. Бул операсы жанры боюнча «коркунучтуу жана куткаруучу» мүнөзгө ээ болгон. 1814-жылы биринчи жолу Венанын театрында тушоосу кесилип, болуп көрбөгөндөй ийгилик алып келген. Кийин Прагада коюлганда залдан көрүүчүлөр кетпей, шатыраган кол чабуулардын толкунунда термелип турган. Ага белгилүү немец композитору Вебер дирижерлук кылат.

Көзү жумулардан бир канча мурун «Фиделинонун» кол жазмасын досу жана катчысы Шиндлерге тапшырып жатып, мындай дейт: «Бул балакайым башкаларга караганда аябагандай кыйынчылык менен жарыкка келди. Менин көңүлүмдү журт көчкөндөй калтырды, андыктан ал мен үчүн абдан кымбат» деген.

# ОН ЖАШЫНДА ОЙНОГОН ОРГАН

Биз музейдин залдарын катары менен кыдырып келатканбыз. 4-залдан кийин эле 8-зал жөнүндө айтканыбызга таң калбаңыз. Зарылдыктан улам ошенттик...

6-залдын бир мандеми бар, анда он жаштагы Людвиг чиркөөнүн (азыркы ыйык Ремигия) органында ойногон. Эски инструменттин клавиатураларында манжаларынын изи сакталып калса керек...Ошол орган Экинчи дүйнөлүк согушта талкаланган. Тарых кафедрасы реконструкциялап, баштапкы калыбына келтирүүгө аракеттенген да, кайрадан музейге тапшырган. Оң тараптагы дубалда чыгаан акын, философ Франсуа Руссонун майлуу боёкто тартылган эки картинасы илинген. Витринадан музыканттын алгачкы жылдардагы фортепиано үчүн жазылган үч сонатасынын түп нускасы, досторунун чыгармалары жөнүндө пикирлерин калтырган эстелик китепчеси коюлган. Баарынан «Вальдштейн» сонатасын арнаган досу Фердинанд Вальдштейндин тарыхый сөзү жазылган бет ачылган бойдон турат.

Ал эми 6-зал веналык окутуучулары Гайдн, Альбрехсбергер жана Сальеринин чоң портреттери менен коолдолгон. 7-зал Бетховендин өмүрү жана чыгармачылыгынын айрым аспектилерин камтыганы менен эски жыгачтан жасалган үйлөмө аспаптардын 7 түрдүү, 7 үндүү, 7 дизайндагы коллекциясы менен кызыктырат.

# ЭЛДИК ЫРЛАРГА ЭКИНЧИ ӨМҮР БЕРГЕН

1812-жылдан кийин анын чыгармачылык активдүүлүгү убактысынча басаңдайт. Ага турмуш жагдайы бир тууган инисине болгон камкордугу жана башка шарттар да себеп болот. Бирок арадан үч жыл өткөндөн кийин мурдагыдай энергия, чыгармачылык чоң дем менен иштей баштайт. Ошол жылдары фортепиано үчүн соналары 28ден акыркысына чейин, эки соната виолончели үчүн квартеттерин «К далекой возлюбленной» вокалдык циклин иштеп чыгат. Ал элдик ырларды иштеп чыгууга өтө көп убактысын короткон. Шотланд, ирланд, уэльский, орус жана украин тилдериндеги элдик ырлардын ар бирин чоң эргүү, сүйүү менен иштеп, алардын кайрыктарынын угумдуулугун, таасирдүүлүгүн жана жагымдуулугун арттырган. Элдик мурасына айланып калган саптардагы элдүүлүктү, улуттук колоритти өөрчүтүп, массалык мүнөзүн байыткан.

Акыркы жылдарындагы эң көрүнүктүү, монументалдык, эбегейсиз кадыр-барктуу чыгармаларынан «Торжественная меса» жана «№ 9 симфониясы» хору менен болгон.

Бетховендин чыгармаларынан жана концерттеринен түшкөн каражат анын чыгымдарына жетпегендиктен, колунда бар, оокаттуу, байлыгы менен таанылган (алар музыканы баалап, талантты урматтаган) демөөрчүлөргө көз каранды болгонун белгилөөгө тийишпиз. Князьдар Лобковиц менен Лихновский ага жылдык стипендия берип, жеке концертине буюртма да беришкен. Анын дагы бир ак сөөктөрдөн

демөөрчүсү император Леопальд IІнин кенже уулу эрцгерцог Рудольф менен мамилеси жакшы болгон. 1803-жылдан баштап, экөө фортепианодо көнүгүүлөрдү бирге машыккан, алардын мамилеси, достугу көп жылдарга созулган. Музыкант өзүнүн 14 чыгармасын, анын ичинде трио «Эрцгерцог» жана «Торжественную мессу» чыгармаларын Рудольфго арнаган. Өз кезегинде Рудольф да мыкты чыгармаларынын бирин досуна багыштаган. Алардын бири-бирине жазган каттары музейде сакталуу.

## АТАКТУУ «№ 9 СИМФОНИЯ»

1824-жылы шаардык театрдын чоң залында автордун «№ 9 симфониясы» ойнолгондо, эл дүрбөп ордуларынан туруп, шатырата кол чаап жатканда, аны укпаган композитор сахнада элге артын салып туруп калат. Авация бир топко созулгансыйт... Ошондо артисттердин бири маэстронун колунан кармап, зал тарапка жүзүн буруп коёт... Көрүүчүлөр баш кийими, кол жоолугу, колдору менен композиторго кол булгалап, аны жакшы көрүп, талантына таазим эте урматтап, ошону менен бирге коштоп, кубаттап көпкө кол чабышат. Симфониянын сыйкырдуу күчү, таасири, кубаты, аурасы элди толкутуп, бир топко чейин залдан кетирбейт. Эл дүркүрөтүп, көпкө чейин кол чаап туруп алат... Композитор эч нерсени укпаса да, дүркүрөгөн кол чабууларды көрүп, көзүнө жаш алган... Бир топ убакыт өткөндөн кийин полициянын чиновниктери ары-бери чуркап, жанталашып токтотууга аргасыз болушат. Көрсө, мындай куттуктоо

императорго гана арналыш керек деген ойдон улам чочулап турушкан экен.

Ошондон кийин Бетховен концерт берүүсүн таптакыр токтотот. Негизги кирешеси концерттен түшкөнүнө карабай, сахнадагы абалын эстеп, уялып, ыңгайсызданып терең үшкүрөт...

Наполеон жеңилгенден кийин Австрияда полициялык режим орнойт. Революциядан жүрөгү түшкөн падышачылык ар кандай «эркин ойлорго» катуу тыюу салат. Көптөгөн тыңчы-агенттер элдин калың катмарына кирип алып, бийликтин буюртмасын аткарып турушкан. Бетховендин «сүйлөшүү дептеринде» көптөгөн эскертүүлөр «Унчукпа. Акырын, буерде тыңчы жүрөт...» деген жазуулар жазылган, искусствонун кишиси экенине карабай, бийликтин көзөмөлүндө экенин өзү да сезген.

## ТУРМУШТУН ДАГЫ БИР СОККУСУ

Бетховен өтө популярдуу болуп, даңазасы таш жарган мезгилде кулагынын укпаганына карабастан, «ички интуициялык үнү менен» замандаштарынын чыгармачылыгына көңүл буруп, көз карашын, ой-пикирин билдирип турган. Убакыт таап, Россиндин операсынын партитурасын окуп, Шуберттин ырлар жыйнагын барактап, немец композитору Вебердин «Волшебный стрелок», «Эврианта» деген чыгармалары менен таанышып чыгат.

Вебер атайын Венага келип, Бетховенге жолугат. Чыгармаларын карап, талдап, кеп-кеңешин айтат. Чайлашканды анчалык көңүлү сүйбөсө да, экөө эр-

тең мененки тамакты бирге ичишет, коногун сыйлап узатат.

Композитор кичүү иниси каза болгондон кийин анын баласын камкордукка алат. Жээнин ошол кездеги эң мыкты пансионго жайгаштырып, өзүнүн окуучусу Карл Чернге музыкага машыктырууну табыштайт. Анын билимдүү, маданияттуу, белгилүү музыкант болушун каалайт, тилекке каршы, жээни искусствого кызыкпаган, карта менен бильярд ойногонго азгырылып, көңүл ачканга, оюн-зоокко жакын өспүрүм болот. Ал аябай карызга батып кетет, композитордун тапкан-туткан кирешесин да жок кылат. Өзүнүн кыял-жоругун тескей албаган бейбаш жээни акырында өзүн өзү өлтүрүүнү чечет. Аткан огу башынын терисин сыйрып өтүп, анчалык өмүрүнө коркунуч туудурбайт. Бул инцидентке композитор абдан катуу кайгырат, анын кесепетинен ден соолугу начарлай баштайт. Боорунун өнөкөт оорусу өөрчүп кетет...

## ЖҮРӨГҮНӨ ОТ САЛГАН БИЙКЕЧТЕР...

Бетховен чоң педагог болгон. Бонндо жашап турганда эле музыкадан сабак берген. Анын жакын окуучуларынын бири Стефан Брейнинг өмүрүнүн акырына чейин ишенимдүү адам болуп калганын жогоруда айтып өттүк... Бизге да, сизге да табышмактуу, сырдуу суроо башка нерсе... Ошончо атак-даңкы, бүткүл Европаны музыкасы менен багындырган маэстронун турмуш курбай, бала жытын жыттабай, бу өмүрдөн так өткөнүнө эмне түрткү болду экен? Анын

ган графиня бир эле мезгилде граф фон Галленберг менен да жолугушуп жүрөт...

Ошол жылы Венгриядагы Брунсвиковдордун дачасында жайдын кечинде жолугушат... Асмандагы толгон ай жарык нурларын чачып, бир башкача балкып, өзүн мемиреген түндүн канышасындай сезип турган башкача түн болот. Композитор ички сезим-туйгусун билдирмекке канчалык аракеттенбесин, жаш сулуу жанына жуутпай, жүзүндөгү кош көңүлдүктөн шаабайы сууп, тез эле артына кайтып кетет...

Эки жылдан кийин арзуусуна татыбаган адамы турмушка чыгат. Сезимдин уусуна куйкаланган, жан дүйнөсүн ийне менен тепчип өткөн армандуу сүйүүсүнүн урматына атактуу «Айлуу түн» сонатасын жазган дешет гипотезалык маалыматтар. Ошол убактан азыркы кезге чейин дүйнө жүзүндө аты аталган соната ажырагыс, түбөлүктүү, акактай таза сүйүүнүн гимни болуп калды.

1804-жылдан 1810-жылдар аралыгында дагы бир окуучусу Тереза Брунсвикти катуу сүйөт. Анын музыкалык таланты мыкты, роялда жакшы ойногон, үнү таза, жакшы ырдаган, кала берсе дирижерлук кылган ар тараптуу, таланттуу графиня граф Йозеф Деймдин жесири эле. Аял музыканттын каттарына жооп жазып, мамилесине жылуу маанай менен жооп берип, анын музасына айланганы калганда, Терезанын туугандары «бул жарды музыкант сенин теңиң эмес, жубайлыкка талапкер да боло албайт деп айнытышат. Ага карабастан Бетховен көшөкөрлук менен Терезанын колун сурайт... Сүйгөнүнөн жок деген жоопту укканда, элеп-желеп болгон көңүлү суудай муздап, таштай катыйт...

Тереза швейцариялык белгилүү педагог Песталоции менен таанышкандан кийин ал өз өмүрүн балдарды тарбиялоого арноону чечет. Венгрияда жакыр-жардылардын балдары үчүн кайрымдуулук балдар бакчасын ачып, өмүрү өткөнчө улуу композитор менен кат алышып байланышып, ишенимдүү дос катары калат. Бетховендин Терезага арнап жазган каттары үй-музейинде сакталуу. Турмушка ашпаган куйүттүү сүйүүнүн күчү анын өлбөс-өчпөс «Письмо к бессмертной возлюбленной» деген чыгармасынын жаралышына шыкак берет.

Сүйүүдөн жолу болбогон композитор өмүрүнүн акыркы жылдары жылгыз, жалгыздыкты шерик кылып, жалгыздыкты эш тутуп өткөрөт. Багып алган жээни Карл суициден өлбөй калып, үйрөнгөн жаман адаттарынан арылалбай, армияга кетет...

## МУЗЫКАНТ ТУУЛГАН БӨЛМӨ...

Сиз менен кайрадан үй-музейдин залдарын кыдырабыз. 10-залдын кууш дубалынан Бетховендин көз жумган акыркы күнүндөгү Венадагы «Шварцшпаниерхаус» көчөсүндөгү квартирасынын сүрөтүн көрөсүз. Андан 11-залга өткөнүңүздө, улуу музыканттын акыркы деми чыгып, жансыз сөөгү калгандан 12 саат өткөндөн кийин Йозеф Данхаузер анын бетинен маскасын (кебин) алган. Анын дүлөйлүгүнүн себебин изилдөө максатында баш сөөгүн ачып, анатомопаталогиялык экпертиза жасашкан.

Үчүнчү кабаттагы чердакта Бетховен туулган бөлмө бар. Анда эч нерсе жок, эч кандай буюм-тайым

да коюлган эмес. Бопбош. Тегереги төрт дубал. Терезеден түшкөн күндүн нуру гана ушул чакан бөлмөдө, ушул дубалы эки кылымды көргөн, кычыраган эски полдо, жалгыз терезелүү үйдө адамзааданын улуу генийи ыңаалап ыйлап, жарыкчылыкка көз ачкан үчүн ыйык экенин сезип, унчукпай таазим эткенден башка айла жок экенин туясың...

12-зал акыркы зал, музыканттын үй-бүлөсүнүн биринчи кабаттагы мурдагы ашканасы... Мындагы экпозициялардын дээрлик бардыгы «Бетховендин үй коомунун» тарыхына арналган. Коңшу лекциялык залда Бетховендин чыгармаларын тарыхый сүт түспөлдөшкөн роялда аткарышат. Музыкалык окуу жайлардын, консерватория, лицейлердин студенттери, угуучулар, каалоочулар жан музыканттар келип, маэстронун чыгармаларын үйрөнүшөт, аткарышат, сабак алышат.

## ГЕНИЙДИН ТАЖЫЯСЫ

9-Бодмер залы жүрөктү «зырп» эттирет. Буерде 1956-жылы швейцариялык врач жана искусство сүйүүчү, доктор Ганс Конрад Бодмердин «Бетховен үйү коомуна» тартуулаган тандалма экспонаттардын бир канча коллекциясы коюлган. Улуу композитордун көптөгөн кол жазмалары, буюмдары, отуруп иштеген иш столу жана көз жумардан үч күн мурун жазып калтырган акыркы кол жазмасы, тагыраак айтканда, керээзи сакталган. Ооруп, жаны кыйналып тургандыктанбы кол жазмасы ийри-буйру, эптеп чиймелегендей сезилет. А негизи композитордун кол жазмасы жакшынакай, тамгалары сулуу, ирет-түү, шуруга тизгендей тегиз болгон.

Дубалдагы сүрөттө жансыз табытта жаткан генийди акыркы сапарга узатуу алдындагы процессиядан көрүнүш тартылган. Ал 1827-жылы 26-мартта 57 жаш курагында өзүнүн Венадагы «Шварцшпаниерхаус» көчөсүндөгү квартирасында көз жумган. Анын табытынын жанында Реквием диминор ойнолгон... Австриялык акын жана драматург Франц Грильпарцер: «Ал художник болгон. Адам деген сөздүн нукура маанисиндеги адам эле... башка эч бир жан жөнүндө эмес, ал жөнүндө канча айтса жарашат, ал улуу нерселерди жаратты, анда кымындай жаман эч нерсе жок...» деген.

Анын тажыясына бүткүл Европадан 20 миңден ашуун киши келген. Аны көзүнүн тирүүсүндө эле жакшы көрүшкөн, көзү барда урматтап сыйлашкан, анын акыркы сапарга узаткандардын кайгырбаганы калбаган. Анын зыйнатына чогулган эл музыканын оригиналдуу, кайталангыс, табылгыс, табият чанда жараткан феноменден ажыраганын сезип-туюп турушкан...

## МЫКТЫ ПЕДАГОГ

Доротея Эртман Германиядагы эң мыкты пианистка, ал дагы Бетховендин окуучусу болгон. «Щыңга, келишимдүү мүчөсү балкыган супсулуу жүзүнө жарашып, мендеги ажайып туйгуларды ойготту. Ал Бетховендин сонаталарын ойногондо абдан толкундандым. Мен эч качан, кала берсе виртуоздордон да мындай назиктик менен мээримдин күчүн сезген эмесмин».

Эртман Бетховендин чыгармаларын аткаруу менен даңкталган, атагы чыккан. Доротеянын баласы чарчап калганда, аны уккан композитор аябай кайгырып, ага №28 сонатасын арнаган.

1801-жылдын аягында декабрь айында Венага Фердинанд Рис келет. Ал бонндук капельмейстрдин уулу, Бетховендин үй-бүлөсүнүн досу болчу. Композитор өспүрүмдү башка окуучуларындай эле жакшы кабыл алат. Рис инструменттерде жакшы ойноп, чыгарма да жазган.

Күндөрдүн биринде ал жаңы эле жазып бүтүргөн адажиону (акырын музыкалык темп) ойноп берсе, Риске жагып, дароо эсине сактап калат. Князь Лихновскийге барып, ал жаңы жазылган пьесасын ойноп берет.

Князь башталышын үйрөнүп алып композиторго келет да, өзүнүн чыгарган чыгармасын ойноп бергиси келгенин, маэстронун пикирин билгиси келгенин да жашырбайт... Композитор князьдар менен алакалашып отургусу келбей, убактысын аяп баш тартат. Бирок Лихновский баары бир айтканынан кайтпай, ойноп берет. Ошондо Бетховен Ристин өзүнүн чыгармасынан көчүргөнүн, оңдогонун, айрым жерлерин кайра жазганын сезип калат да, аябай ачууланат. Ал окуучусуна өзүнүн жаңы чыгармаларын угууга тыюу салат, ошондон кийин таптакыр ойноп бербейт.

Окуучусунун мындай жоругу кайталанбайт деп айтууга болбоду. Бир күнү окутуучусунан таптак көчүргөндөй Рис өзүнүн маршын ойноп берет. Уккандардын баары шатырата кол чаап, музыканын кереметине баа берип, аябай тамшанышат. Анда да композитор окуучусун таарынткысы келбей, башын чайкап, ордунан туруп басып кетет...

Эртман Бетховендин чыгармаларын аткаруу менен даңкталган, атагы чыккан. Доротеянын баласы чарчап калганда, аны уккан композитор аябай кайгырып, ага №28 сонатасын арнаган.

1801-жылдын аягында декабрь айында Венага Фердинанд Рис келет. Ал бонндук капельмейстрдин уулу, Бетховендин үй-бүлөсүнүн досу болчу. Композитор өспүрүмдү башка окуучуларындай эле жакшы кабыл алат. Рис инструменттерде жакшы ойноп, чыгарма да жазган.

Күндөрдүн биринде ал жаңы эле жазып бүтүргөн адажиону (акырын музыкалык темп) ойноп берсе, Риске жагып, дароо эсине сактап калат. Князь Лихновскийге барып, ал жаңы жазылган пьесасын ойноп берет.

Князь башталышын үйрөнүп алып композиторго келет да, өзүнүн чыгарган чыгармасын ойноп бергиси келгенин, маэстронун пикирин билгиси келгенин да жашырбайт... Композитор князьдар менен алакалашып отургусу келбей, убактысын аяп баш тартат. Бирок Лихновский баары бир айтканынан кайтпай, ойноп берет. Ошондо Бетховен Ристин өзүнүн чыгармасынан көчүргөнүн, оңдогонун, айрым жерлерин кайра жазганын сезип калат да, аябай ачууланат. Ал окуучусуна өзүнүн жаңы чыгармаларын угууга тыюу салат, ошондон кийин таптакыр ойноп бербейт.

Окуучусунун мындай жоругу кайталанбайт деп айтууга болбоду. Бир күнү окутуучусунан таптак көчүргөндөй Рис өзүнүн маршын ойноп берет. Уккандардын баары шатырата кол чаап, музыканын кереметине баа берип, аябай тамшанышат. Анда да композитор окуучусун таарынткысы келбей, башын чайкап, ордунан туруп басып кетет...

Өтө зээндүү, кунттуу Рис окутуучусунун жанынан карыш жылбаганга аябай аракеттенген. Күндөрдүн бир күнүндө экөө сейилдеп жүрүшүп, адашып кетишет да, үйгө кеч кайтышат. Жолдо келатканда композиторду жан дүйнөсүндөгү ажайып абалдан улам бүт тулкусун күүлөрдүн жаңы толкуну, жаңы сели каптап кеткенсийт...Тез-тез басып, көөдөнүнө батпай бараткан чоң эргүүнүн толкунунан өңү да ажарланып жашарат... Келери менен колуна инструментин алып, ойной баштайт. Отура калып кагазга түшүрүп, кайра тура калып инструментин толгоп, түндүн бир оокумуна чейин тынымсыз иштейт, жанында киши бар экенин да унутуп калат. Ошол күнү касиеттүү музыканын дагы бир шедеври «Аппассионаты» жазылат.

Рис менен Карл Черн бирге даярданышат, окушат, сабак алышат. Карл окуучуларынын ичинен эң жашы эле. Тогуз жашында концерт коюп, эл алдына чыгат. Анын биринчи окутуучусу атасы, белгилүү чех педагогу Венцель Черн болгон. Ушунчалык музыкага, чыгармачылыгына берилген Бетховендин жашаган квартирасы эч качан жыйналбаганын, сакал-муруту алынбаган, жүндөн токулган жилетин кийип алып, качан көрсөң инструментинде ойноп же үңкүйүп кагазга жазып отурган музыкантты көрөрүн, аны тамашалап Робинзон Крузого салыштырганын эскерген. Ал Бетховенде беш жыл окуп машыккан. Окуучусунун ийгилигине баа берип, музыкалык эс тутумунун таң каларлыктай касиетин баалап, анын талантын тастыктаган документ да жазып берген.

Чындыгында, Черн таң каларлыктай таланттуу болгон, ал устатынын фортепиано үчүн жазылган

чыгармаларын жатка билген. Педагогдук ишмердигин эрте баштап, Венадагы эң мыкты педагогдордун бири аталган.1862-жылдан 1878- жылга чейин жаңы ачылган консерваторияда эмгектенген.

Окуучуларынын арасында Теодор Лещетцский болгон, 1858-жылы ал орус фортепиано мектебинин негиздөөчүсү катары таанылган. Андан А.Н.Есипова, консерваториянын профессору В.И.Сафонов, Москва консерваториясынын директору, профессор С.М. Майкапар окушкан.

1822-жылы Чернге Венгриянын алыскы бир чет жагындагы Доборьян деген айылынан атасы баласын ээрчитип келет. Бала туура отурууну, аппликатура жөнүндө түшүнүгү да болбойт. Тажрыйбалуу педагог баланын тубаса жөндөмдүүлүгүн сезип калат да, жарым жыл окутат, үйрөтөт. Баланын аты Ференц Лист деген болчу. Анын ийгиликтерин айтып түгөтө албайсыз. Устаты аны эл алдында концерт коюуга уруксат берет. Концертке Бетховен да чакырылат. Ал дароо баланын жөндөмдүүлүгүн, талант-шыгын байкап, кубанганынан кучактап өөп жиберет. Келечекте чоң музыканттык даражага жеткен Лист композитордун өпкөнүн өмүр бою эсинде сактап, жүрөгүнө тумар кылып тагып жүргөн.

Рис, Черн, Лист канчалык таланттуу болушпасын, өздөрүнө Бетховендин ойноо манераларын энчилей алышкан эмес. Маэстронун ойноо манерасы жалгыз өзүнө тагылган энчидей, өзүнүн стили, өзүнүн манерасы, өзүнүн почерки, өзүнүн ыкмасы, өзүнүн усулу, өзүнүн фантазиясы катары эч бир жан кайталай алгыс сыйкырдуу табышмакка ээ болгон. Бетховенди изилдеген изилдөөчүлөр, сынчылар, аналитиктер, музыканттар да Кудайдан берилген жапа-

дан-жалгыз касиет, шык, жөндөм, талант катары карашат.

Анын окуучулары Европада гастролдо жүрүшкөндө Бетховендин чыгармаларын жайылтышкан, калктын калың катмарына жеткиришкен, фортепиано үчүн жазылган чыгармаларын гана аткарбастан, симфониясын да аткарып, чыгармаларынын оболоп-жаңырып турушуна өз салымдарын кошкон. Анткени ошол мезгилдерде Бетховендин симфониялык чыгармалары кеңири аудиторияларга жете элек болчу...

1839-жылы Лист Бонн шаарына келсе да, канча жылдардан бери окуучулары чогулушканы менен улуу устаты Бетховенге эстелик тургузуу кечиккенин көрүп, кейип-кепчип, өз каражатынын эсебинен эстеликтин тезирээк бүтүшүнө салым кошкон. Ал устатынын элесин өмүрү өткөнчө жүрөгүндө сактап, таазим этип келген.

Мен да музейдеги пикирлер жазылган чоң дептерге өз оюмду, алган таасирлеримди толкундануу менен кыргызча жазып, аты-жөнүмдү, ким экенимди жазбаганымды кийин эстедим...

*Ош–Москва–Дюссельдорф*
*2018-жылдын август айы.*

# МАЗМУНУ


Алгы сөз айтарда ой калчайм... 3

1-бөлүм

Быйылкыдай ысыкты көрбөгөн Германия 8
Рейндин жээгинде 10
Вуппертал – «жашыл шаар» 12
Ким, ким көп төлөйт? 17
Жомоктор кантип жаралат? 20
«Опсуз амалкөй Варвара» 24
Шулосбург – тарыхый энчиси менен таанымал 26
Бергхаймдын сыймыгы 30

2-бөлүм

Кельндагы зоопарк 32
Секире албаган кайсы жаныбар? 34
Дарвиндин теориясы жокко чыгабы? 38
Оор салмактуу, олдоксон, азгырмалуу «гиганттар» 43
Жүрөгүмдү өйүгөн башкатырма 49
Салыктан эч ким эч жакка качып кутулбайт... 5
«Баары бирөө үчүн, бирөө баары үчүн» 5
Сүйүүсүз сүйүү жок... 5

**3-бөлүм**

Музыка – жан дүйнөнүн табылгыс дарысы ........64
Людвиг Ван Бетховен........68
«Бонндогу бал» ........70
«Оңунан чыкпаган кездешүү» ........72
Гайдн менен Бетховен........73
Кыял-мүнөзү чукул, ачуулуу жаш музыкант........74
Музыкант менен замандаш альт........76
Кулак оорусу тооруй баштаганда........78
Көз карегиндей «Фиделино» ........82
Он жашында ойногон орган ........84
Элдик ырларга экинчи өмүр берген ........85
Атактуу «№ 9 симфония»........86
Турмуштун дагы бир соккусу........87
Жүрөгүнө от салган бийкечтер........88
Музыкант туулган бөлмө........91
Генийдин тажыясы........92
Мыкты педагог........93

*Адабий-көркөм басылма*

**Исмаилова Ризван**

**КУЧАГЫН АЧПАГАН ӨЛКӨ...**

*Жол очерктери*

**Бишкек, «Турар» басмасы**

*(Кыргыз тилинде)*

**Редактору** ***Ж. Теңирбергенова***
**Дизайнери** ***Ж. Кудабаев***
**Компьютерде калыпка салган** ***Б. Уланова***

**Басууга 01.02.2019-ж. кол коюлду.**
**Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.**
**6,25 б.т. + 16 б. вкл. түс. Нускасы 2000. Заказ № 1879.**

---

**«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.**
**720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.**



**Исмаилова Ризван Ураимовна** – республикалык «Эркин-Тоо» гезитинин журналисти, филология илимдеринин кандидаты, ОМЮИнин доценти. «Жолон Мамытовдун лирикасы» (1998), «Эпикалык чабыттар» (2001) деген илимий эмгектердин жана «Европанын берметтери» (2011), «Сырдуу Италия» (2012), «Ак өрүк» (2012), «Кайрымдуу жүрөк карыбайт» (2013), «Дүйнөсү түгөл Швейцария» (2015), «Күн жамынган аска» (2017) ж.б. адабий-көркөм китептердин автору.

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасынын ээси, КР Өкмөтүнүн республикалык конкурста III даражадагы дипломду, КРнын баңгизаттарды контролдоо Агентствосунун Ардак грамотасы менен сыйланган. «Кыргызстан – СОРОС» фондунун баалуу сыйлыгын, Улуу Британиянын эл аралык министрлигинин ММК республикалык конкурсунда 3-орунду ээлеп, сертификатын алган. 2008-жылы ЮСАИД «ДэМСУ» долбоору уюштурган республикалык конкурста 2-орундун жеңүүчүсү. 2014-жылы К. Бобулов атындагы республикалык адабий конкурстун лауреаты.